438
439
440

Аң-сезим
# Ал-Ваъй
الوعي

Кеңири көлөмдүү фикирий-сакафий журнал

Отуз жетинчи жыл чыгышы, ражаб-шаъбан-рамазан 1444-х. – февраль-март-апрель. 2023-м.




## БҮГҮН ДҮЙНӨ ААЛАМДЫК ӨЗГӨРҮҮНҮН БОСОГОСУНДА ТУРАТ

## ПАЙГАМБАРЛЫК МИНХАЖЫНДАГЫ РОШИД ХАЛИФАЛЫК АЛЛАХТЫН БУЙРУГУ ЖАНА АЛ СӨЗСҮЗ ЖЕҢИШКЕ ЖЕТЕТ

ИН ШАА АЛЛАХ

Ар бир камарий айдын биринчи күнү Ливан университетинин мусулман жаштары тобу тарабынан Ливан маалымат министрлигинин 1989-жылы 15-ноябрда берген №166 уруксаты менен чыгарылат

www.al-waie.org subjects@al-waie.org

438
439
440

Отуз жетинчи жыл чыгышы,
Ражаб-рамазан 1444х
февраль-апрель 2023м

# Ушул санда


– Бул санда:............................................................ 3

– ***Ал-Ваъй сөзү:*** Бүгүн дүйнө ааламдык өзгөрүүнүн босогосунда турат (Пайгамбарлык минхажындагы рошид Халифалык Аллахтын буйругу жана ал сөзсүз жеңишке жетет, ин шаа Аллах).................................. 9

– Эл аралык күрөш кызуу түс алып, учурдагы эл аралык тартипти өзгөртүү зарылдыгы пайда болуп турган бир учурда дүйнөнү ким башкарат? Ислам акыйкат дин, Халифалык жападан-жалгыз чечим...... ................................................................. 21

– Аллах Субханахунун убадасына жана Расулу ﷺдын башаратына ыйман келтирүү ......................... 34

– Хизб-ут-Тахрирдин амири, улуу аалым Ата ибн Халил Абу Раштанын Халифалык мамлекети кулатылышынын 102 жылдык эскерүүсүндө сүйлөгөн сөзү .................................................... 44

– Халифалык мамлекети кулатылышын эскерүүгө карата Хизб-ут-Тахрир өткөргөн эл аралык иш-чаралар......................................................................... 53

– Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык – Расулуллах ﷺдын башараты! Бүгүн – анын учуру! Хизб-ут-Тахрир - ага даъват кылып жаткан жалгыз партия ................................................................... 72

– Рамазан таквалыктын жана ойгонуунун айы..... 81

– ***Аалам мусулмандарынын кабарлары***.................. 86

– ***Куръани Карим сабагында*** .................................. 93

– ***Бейиш бактары:*** Мусулмандар турмушу Халифалык менен тыгыз байланышкан................. 100

– Ыраазычылык.................................................. 109

– ***Соңку сөз:*** Карылык Ислам менен Батыш ортосунда .............................................................. 114

– БУУ бир көздүү даджал... Ал Орусияны Украинадагы аскердик кылмыштары үчүн каралап, анын Сириядагы кылмыштары тууралуу үн катпайт........................... 116


## НУСКА БААСЫ

| | |
|---|---|
| Ливан | 1000 лира |
| Яман | 30 риял |
| Түркия | 1 доллар |
| Пакистан | 1 доллар |
| Австралия | 2,5 доллар |
| Америка | 2,5 доллар |
| Канада | 2,5 доллар |
| Германия | 2,5 евро |
| Швеция | 15 крон |
| Бельгия | 1 евро |
| Британия | 1 евро |
| Швейцария | 2 франк |
| Австрия | 1 евро |
| Дания | 15 крон |

بسم الله الرحمن الرحيم

Журналыбыздын бул саны Исламий Халифалыктан кулатылганына 102 жылдын жүзү толгон кезде чыгып жатат. Бирок биз жылдан жылга улуу максатыбыз – **пайгамбарлык минхажындагы Халифатыкты кайра орнотууга** жакындап бара жатканыбызга бекем ишенебиз. Биз билебиз, жана биз менен чогуу жалпы Исламий Уммат дагы билет, башыбызга түшкөн кара түн улам калыңдашып, «Аллаху акбар! Аллаху акбар!» деген ураандар жаңырыуучу жарык таңыбызга саналуу гана убакыттар калды. Андай болбой эмне? Дүйнөдөгү болуп жаткан окуялардын бардыгы мына ушуга ишарат кылып жатпайбы?! Акыйкатта, эртеңки күн биз күткөндөн жакыныраак. Жалпы адамзатка айтарыбыз, жер бетин заалим жана каафир капитализмдин калдыктарынан тазалоого убакыт келип жетти. Жердин бетин кызарта канга боёгон жырткыч капитализм мына бир жылдан ашуун убакыттан бери Орусия менен Украина ортосунда каргашалуу согушка от жагып келүүдө. Капиталисттер бул согушту Үчүнчү Дүйнөлүк согуштун учкундары деп аташууда. Андай болсо, биздин аларга бир нече суроолорубуз бар: бул согуш кайда болууда? Алардын жерлеринде. Кимдердин ортосунда? Орусия жана Батыш ортосунда. Кимдин жетекчилиги астында? Согуш майданын Кытайга, Индияга жана башка аймактарга чейин кеңейтүүнү көздөгөн Американын жетекчилиги астында. Эмне максатта? Американын – урандыга айланган дүйнөгө болсо дагы – жетекчилигин сактап калуу максатында... Кандай гана жийиркеничтүү хазарат... Капитализм хазаратын түп тамыры менен омкоруп, бүткүл адамзатты анын зулумунан куткаруу эң олуттуу зарылчылыкка айланып калбадыбы?!

А бирок, ушул тапта, жер жүзүндө чириндиге айланган бузуку капитализмдин ордун ээлей турган татыктуу альтернатива барбы? Адамзатты караңгылыктан нурга алып чыгуучу мабда барбы? Ооба, бар! Ал – глобалдык саясий акыйдага жана жалпы адамзаттын турмуштук көйгөйлөрүн чечүүчү түзүмгө негизделген Ислам мабдасы. Адамзатты бүгүнкү бактысыздыктан куткарууга татыктуу болгон жалгыз мабда бул – Ислам. Кызыкчылык, жетекчилик жана таасирин сактап калуучу үчүн өз ара кырылышып жаткан бүгүнкү дүйнө мамлекеттери өздөрүнүн жырткыч мабдасынан бөлөк альтернативасы жоктугуна карабай, Ислам мабдасынын турмушка кайтуусунан коркуп, ийиндерин суук тер басууда. Маддий (материалдык) кызыкчылык үчүн эч бир иштен тайбай турган бул жырткыч мамлекеттердин бардыгы «күчтүүлөр гана жеңет» деген принципти карманышууда. Барынан да жаманы, бүгүнкү күндө фикирий күч-кубаттын кадыры жоголуп, эрөөлгө чыккандар маддий гана күчкө таянып калышты. Алар ахлакий,

же диний, же инсаний кыйматтардын эч бирин көзгө илбей калышты. Демек, алардын аракеттерине чекит коюлбаса, дүйнө жүзүн кыйроо менен талкалануу гана күтүп турат.

Жалгыз гана Ислам акыйкат дин жана туура мабда. Ислам ахкамдары инсанды динине жана жынысына карап ажыратпай, анын бардык көйгөйлөрүн инсан деген көз караш менен чечип берет. Жер бетине Ислам мабдасы толук түрдө татбик кылынган мамлекет жок болсо дагы, Ислам дини бар. Болгону, айрым күчтөр, атап айтканда, Батыш анын үстөмдүккө ээ болушуна бут тосуп келүүдө. Ал жер бетине бузукулук үрөнүн себип, жакшылык дарагынын өсүшүнө жана мөмө беришине тоскоолдук кылууда. А бирок Батыш көздөгөнүнө жете албайт, Аллахтын убадасына каршы чыга албайт. Ислам Умматы сөзсүз түрдө шариятты турмушка алып келет!

Ушул күнгө чейин дүйнө мамлекеттери Биринчи жана Экинчи Дүйнөлүк согуштарды уюштурган, миллиондогон бейкүнөө адамдардын канын төккөн капиталисттик Батыш өлкөлөрүнүн этегин кармап, ошолордон жакшылык күтүп келишти. Ал эми бүгүнкү күндө дүйнө жүзү «динди турмуштан ажыратуу» акыйдасынан тажап, «Лаа илааха илла Аллах» келимесине негизделген саясий акыйданы кармануучу, жер бетинде адилеттүүлүктү орнотуучу Халифалык мамлекетине муктаж болуп турат. Ооба, жалпы адамзат маддий кызыкчылыктар үчүн күрөшкөн, адамдар тарабынан ойлоп табылган бузук түзүмдү тарых таштандыларына көмүп, Аллахка гана итаат кылууга, ошондой эле, гарыйзаларды жана организм муктаждыктарын кандырууда Расулуллах ﷺга ээрчүүгө негизделген илахий түзүмдү кабыл алууну эңсеп турат. Жалпы адам баласы бул убактылуу дүйнөдө дене рахаттарына батуу менен эмес, Аллахтын ыраазылыгына жетүү менен бактылуу болууга суусап турат.

Тарых тегирмени өз нугунда айланып, дүйнө жүзү үлкөн өзгөрүүнүн босогусуна кептелип турат. Ири державалар бул өзгөрүүлөрдү өз кызыкчылыгына ылайыкташтырууга же жаңы дүйнөлүк тартиптен орун ээлеп калууга олуттуу түрдө умтула баштады. Ал мамлекеттердин каршысында, бир гана **Хизб ут-Тахрир** күтүлүп жаткан бул ааламдык өзгөрүүгө Ислам акыйдасынан келип чыккан позициясына ылайык даярдык көрүүдө. Хизб ут-Тахрир түптөлгөн учурдан тарта Аллахтын убадасына бекем ишенүү менен аракет кылып, айлакерлердин жана бут тосуучулардын торуна илинбей, Аллахтын хидаяты, колдоосу, бекемдөөсү жана коргоосу менен өз жолунда үлкөн ийгиликтерди жаратып келүүдө. Хизб ут-Тахрир бардык күч-кубат Аллахка гана таандык экенине, Анын ишине эч ким тоскоолдук кыла албашына, Ал жердеги жана асмандардагы эч бир

нерсеге муктаж эместигине, Анын «Бол!» деген буйругунун өзү бардык иштер үчүн жетиштүү экендигине, Анын убада кылган нусраты сөзсүз түрдө келерине, ошондой эле, Анын Расулу ﷺдын Рошид Халифалыктын кайра тикеленүүсү тууралуу айткан башараты ишке ашарына кадиксиз ыйман келтирген. Акыйкатта, күтүүчүгө эртеңки күн абдан жакын.

Ушунун алкагында, «Ал-Ваъй» журналынын бул өзгөчө саны төмөнкү бөлүмдөрдү камтуу менен чыгарылды:

**Биринчи бөлүм:** бул бөлүм учурдагы эл аралык майданга таасир этүүчү өлкөлөрдүн эл аралык күрөшкө малынышканын баяндаган **«Эми дүйнөнү ким башкарат жана кандай дүйнөлүк түзүм менен?»** деген темадагы макалаларды камтыды. Бул бөлүмдөгү макалалар пайгамбарлык минхажындагы Рошид Халифалык гана дүйнө жетекчилигине татыктуу болгон жалгыз мамлекет экендигин баяндады. Анткени, Халифалык мамлекети дүйнө элин бүгүнкү көйгөйлөрдөн куткарууга жарактуу болгон, толук түрдөгү илахий түзүмгө ээ. Ал эми бүгүнкү күндө таасир талашып жаткан башка мамлекеттерде болсо ийгиликсиздиги жана кыйроого жүз тутканы айкын болгон капиталисттик түзүмдөн башка жаңы альтернативалык түзүм жок. Бул түзүмдүн байма-бай кризистерди жана согуштарды келтирип чыгарганы, адамзаттын турмуштук көйгөйлөрүнө туура чечим берүүгө кудуретсиз экендиги эч кимге сыр болбой калды. Ошондой эле, бул бөлүмдө күтүлүп жаткан ааламдык өзгөрүү Аллах Тааланын убадасы жана Расулуллах ﷺдын башараты болгон пайгамбарлык минхажындагы Рошид Халифалык мамлекетинин түптөлүшү менен аякташы, ал мамлекет мусулмандарды эле эмес, бүтүндөй адамзатты башкарган дүйнөлүк мамлекет болушу, ал эле эмес, дүйнөдөгү эң биринчи мамлекет макамын ээлеши тууралуу баяндалды.

**Экинчи бөлүм:** бул бөлүм убада кылынган Рошид Халифалыкты орнотуу милдетин мойнуна көтөрүп чыккан **Хизб ут-Тахрир** тууралуу болмокчу. Бул бөлүмдөгү макалалар Хизб ут-Тахрирдын Халифалыкты орнотуу долбоорун ишке ашыруу үчүн аракет алып барган түрдүү өлкөлөрдөгү жыл сайын өткөрүүчү ишчаралын камтыды. Акыйкатта, бул ишчаралар Хизбдин өз максатын көздөй олуттуу түрдө аттанганын айгинелеп турат. Бул бөлүмдү Хизб ут-Тахрир амири, улуу аалым Ато ибн Халил Абу Ар-Роштанын Халифалыктын кулатылгандыгын эскерүүгө байланыштуу кайрылуусу менен баштадык. Ал өз кайрылуусунда Хизб алып барган ишке болгон бекем ишенимди жаңылап, шаръий өзгөрүү тез күндө ишке ашарын айтты. Ошондой эле, амир (Аллах аны өз коргоосуна алсын) куч ээлерине кайрылуу

жасап, аларга Умматтын өз динин турмушка алып келүүсүнө дабаа болуучу негизги даары экендигин эскертти. Амирдин кайрылуусунан кийин, Хизб ут-Тахрирдин Халифалыктын кулатылгандыгын эскерүүгө арналган түрдүү өлкөлөрдөгү ишчаралары тууралуу айтылды. Андан соң, «Хизб ут-Тахрир Рошид Халифалыкты орнотууга чакыруучу жалгыз хизб» деген макала орун алды. Бул бөлүмдүн соңунда «Жоокерлерди чакыргыла жана такбир айткыла» деген касыйда жайгаштырылды.

**Үчүнчү бөлүм:** бул бөлүмдө биринчи жана экинчи бөлүмдөгү макалаларды улантуучу жана толуктоочу макалалар жайгаштырылды. Мисалга алсак, мусулмандарды бүгүнкү күндө андан улуусу жок болгон эң улуу даъватка чакыруу сыяктуу. Биринчи макалада аалымдарга динди орнотуу менен Аллахтын акысын берүүгө чакырык жасалды. Бул ишке элден мурун аалымдар милдетүү эмеспи? Экинчи макалада күч ээлерине динди орнотуу менен Аллахтын буйругун аткарууга чакырык жасалды. Анткени, бул ишти алардан башка эч ким аткара албайт. Үчүнчү макала мусулман жаштарына динди орнотууда өзгөртүүнүн тегирмени, Умматтын жардамчысы жана болочок мамлекеттин жетекчилери болууга чакырык жасалды. Ал эми акыркы, төртүнчү макалада жалпы мусулмандарга майда-барат иштер менен убара болбой, улуу милдетти аркалоого чакырык жасалып, динди тургузууда **Хизб ут-Тахрир** көтөрүп чыккан даъваттан да үлкөн даъват жок экендиги баяндалды.

**Төртүнчү бөлүм:** бул бөлүмдөгү макалалар Батыштын Исламга каршы тынымсыз аракеттери тууралуу болмокчу. Учурда Батыш өзүнүн Исламга каршы аракеттерин эки жаатта алып барууда. **Биринчи жаат:** Исламды түпкү негизинен өзгөртүү жана башка диндер менен аралаштырып жиберүү. Бул маселени үч макалада кеңири ачыктап, баяндап бердик. Биринчиси: **«БУУ бардык диндердин башын бириктирген жаңы дүйнөлүк динге чакырууда»**. Экинчиси: **«Сүннөткө кол салуу – динге кол салуу»**. Үчүнчүсү: **«Ибрахимий динге чакыруу… бурмалоо жана адаштыруу»**. **Экинчи жаат:** Батыштын мусулмандарды Исламды башкарууга алып келүү багытынан буруп жиберүү үчүн колдонгон саясатчылар арасындагы малайлары. Бул маселени кеңири ачыктоо үчүн Эрдоган жана анын динди турмушка алып келүүгө каршы кадамдары тууралуу **«Прагматизм же Эрдоганизм? (Реалдуулукту ыйыкташтырууга, түшүнүктөрдү аралаштырууга жана амалий максаттарга жетүү үчүн карөзгөй амалдарды актоого чакырык)»**, деген темадагы макала

жазылды. Андан кийин, Перс булуңундагы жетекчилердин «исраиль» менен мамилелерди нормалдаштыруу процесси тууралуу **«Баскынчы яхуд вужуду менен мамилелерди нормалдаштыруу»**, деген макала жайгаштырылды. Бул бөлүм Ислам долбооруна каршы күрөштөгү малай жетекчилердин колдоосу менен иш алып барган ММКлардын орду тууралуу **«Жалганчылар доорундагы маалымат каражаттары»** деген макала менен жыйынтыкталды.

**Бешинчи бөлүм:** бул бөлүмдөгү үч макала жогорудагы жалпы макалаларга жыйынтыктоочу катары жазылды. Мында Батыштын өз мабдасы менен чогуу чөгүп бара жаткандыгы тууралуу сандар менен көрсөтүлгөн маалыматтар, ошондой эле, элден мурун өздөрүнүн изилдөөчүлөрү жана муфаккирлеринин билдирүүлөрү камтылды. Бул бөлүмдө «Американын морт мүйүзүн, Аллахтын жардамы менен, Рошид Халифалык сындырат» деген макала орун алды. Ошондой эле, бөлүм соңунда жалпы макалалардын жыйынтыгы катары **«Кутулуунун жалгыз жолу экинчи Рошид Халифалыкты орнотуу аркылуу Аллах түшүргөн дин менен башкарууга кайтуу»** деген темадагы макала жайгаштырылды.

Андан кийин, Рамазан айына байланыштуу **«Рамазан – таквалык жана ойгонуунун айы»** деген макала коюлду.

Андан соң, бул санибызда дагы төмөнкү туруктуу рубрикаларды жарыяладык: **«Аалам мусулмандарынын кабарлары»**. Андан соң **«Куръани Карим сабагында»** аттуу рубрикабызда **«Аллах түшүргөн дин менен өкүм жүргүзүү: ибаадат жана халифалык»** деген макала, **«Бейиш бактары»** рубрикабызда **«Мусулмандар жашоосунун Халифалык менен байлануусу»** деген макала, **«Ал-Ваъй сөзү 2»** рубрикабызда **«Карылык: Ислам менен Батыш ортосунда»** аттуу макала орун алды. Журналыбыздын соңку бети **«БУУ бир көздүү дажжал... Ал Орусиянын Украинадагы «аскердик кылмыштарын» айыптап, Сириядагы кылмыштары тууралуу үн каптай келүүдө»** деген макала менен аяктады.

Жыйынтыктап айта турган болсок, журналыбыздын бул өзгөчө санындагы темалар Ислам Умматына төмөнкүлөрдү жеткирүүнү көздөдү:

– **Бүгүн дүйнө ааламдык өзгөрүүнүн босогосунда турат. Ири державалар андан өз кызыкчылыктарын көздөшүүдө. Ал эми Халифалык мамлекетинин түзүмү – дүйнө жүзүн башкарууга жарактуу болгон жалгыз дүйнөлүк түзүм.**

**– Хизб ут-Тахрир Рошид Халифалыкка даъват кылуучу жалгыз хизб. Ал бул ишке татыктуу жана анын даъватына нусрат берүү зарыл.**

**– Жалпы мусулмандарды (аалымдарды, күч жана нусрат ээлерин, жаштарды) бүгүнкү өзгөртүү процессинин чордонунда болууга чакырабыз. Силердин диниңер майда-барат иштер менен убара болууга эмес, улуу иштерге кадам коюуга буйруйт.**

**– Батыш Исламга жана Халифалыкты орнотуу деген улуу долбоорго каршы тынымсыз күрөшүүдөн чарчабады. Анткени, ал мусулмандардын колунан өлүм табарын абдан жакшы билет.**

**– Батыш эли өздөрүнүн күнү бүткөнүн, аларды жетекчиси болгон Америка Аллахтын азабы менен же биздин колубуз менен кулап түшөрүн, ошондой эле, жаңыдан Ислам таңы атарын түшүнүп турат.**

– Сөзүбүздүн соңунда ааламдардын Роббиси Аллах Таалага мактоолорду айтып калабыз. ❑

بسم الله الرحمن الرحيم

## БҮГҮН ДҮЙНӨ ААЛАМДЫК ӨЗГӨРҮҮНҮН БОСОГОСУНДА ТУРАТ (ПАЙГАМБАРЛЫК МИНХАЖЫНДАГЫ РОШИД ХАЛИФАЛЫК АЛЛАХТЫН БУЙРУГУ ЖАНА АЛ СӨЗСҮЗ ЖЕҢИШКЕ ЖЕТЕТ, ИН ШАА АЛЛАХ)

Өткөн кылымдын 80-жылдарынын аяк ченинде т.а. мындан 40 жылдай мурун дүйнөдөгү жетекчи режимдердин бири – Советтер Союзу кулаган. Бул окуядан кийин дүйнөдөгү эң күчтүү мамлекеттин, атап айтканда, Американын кызыкчылыгына ылайык келүүчү жаңы эл аралык түзүмдү орнотууга аракет башталды. Ошол учурдан тарта Америка жаңы эл аралык түзүмдү орнотуу үчүн болгон күчүн сарптап, социализмдин ордуна Исламды өзүнө биринчи душман кылып белгиледи. Ал Исламдын мабда, хазарат, шарият жана башкаруу түзүмү катары Халифалык мамлекетинде татбик кылынуусуна, ошондой эле, эл аларык майдандан орун ээлешине жол берөөгө умтула баштады. Батыш жетекчилери жана динчилдери Халифалык сөзүн уккан замат алардын дене бою дүркүрөп, ийиндерин калтырак басар эле. Америка Исламга жана анын Халифалык долбооруна каршы күрөштү Кытай, Орусия жана Европа өлкөлөрүнө каршы күрөштөн дагы жогору койду. Ал кезде аталган өлкөлөр эл аралык майданда Америка менен тең ата орун ээлөөгө умтулуп жатышкан болчу. Ошого карабастан, Америка «терроризм» шылтоосу астында Исламга каршы дүйнөлүк согушун баштап жиберди. Бирок ал бул согушта ийгиликсиздикке тушугуп, хазарий жактан туңгуюкка кептелди. Жада калса, аскерий жактан да жеңишке жете албагандыктан, Ооганстан, Ирак жана Сирия өлкөлөрүнөн шерменделерче чыгып кетүүгө мажбур болду. Анын бул кадамы жеңилүүсүн моюнга алгандыгын айгинеледи.

Ооба, Америка мусулман өлкөлөрүнөн ыктыярдуу түрдө эмес, мажбурий түрдө чыгып кетти. Анткени, ал мусулмандарга каршы согуш менен убара болуп турган чакта, Кытай учурдан ийгиликтүү пайдаланып, эл аралык майданда Америкага каршы олуттуу атаандаштык даражасына көтөрүлө баштады. Аны менен бирге Орусия дагы чачылган күчүн жыйнап, өз позициясын алдыга сүрүүгө жетишти. Орусия өзү жалгыз Америка менен атаандаша албаса дагы, Кытай менен биргеликте ага каршы стратегиялык коркунуч жарата

алат. Америка кичи Жорж Буштун биринчи президенттик мөөнөтүнүн аягында жана экинчи мөөнөтүнүн баштарында Исламга каршы согушта ийгиликсиздикке жүз тутканын түшүнгөндүктөн, экстремизм жана терроризмдин жайылуусуна мусулман өлкөлөрүндөгү малай жетекчилерди айыптай баштады. Ал малай жетекчилерди аймактагы терроризмдин күч алышына эң башкы себепчилер деп атады. Ошого карабастан, Американын Исламга каршы согушу токтоп калган жок. Андан соң, президент Барак Обама бийликке келип, дүйнөнү башкаруудагы «Жалгыз уюлдуулук» идеясынан баш тартууну жарыялоосу менен Американын Исламга каршы согушта ийгиликсиздикке кабылганын ачык түрдө моюнга алды. Ал мусулмандар менен мамилени жакшыртуу максатында президенттик мөөнөтүнүн алгачкы айларында Мисирге барды. Барак Обама Мисирдеги ал-Азхар мечитинде кичи Жорж Буштун президенттик мөөнөтү учурунда солгундап кеткен Америка менен Ислам ааламы ортосундагы мамилени жакшыртуу максатында сөз сүйлөдү. Ал сөз сөзүндө: «Менин Ислам ааламы алдындагы милдетим – Америка силерге душман эмес экендигин ачыктоо», - деди. Бирок мусулмандар аны жана бүт дүйнөнү таң калтырып, өлкө жетекчилерине жана алардын кожоюну болгон Батышка каршы сыймыктуу көтөрүлүштөрдү жасашты. Дональд Трамп бийликке келгенден соң Исламга жана мусулмандарга душмандыгын ачык түрдө жарыялап, Исламга дин катары чабуул жасады, ошондой эле, аны АКШга каршы душманчылыкта жана жек көрүүчүлүктө айыптады. Жада калса, Трамп мусулмандардын АКШга кирүүсүнө тыюу салууга чакырды. Ал Ооганстан, Ирак жана Сирия өлкөлөрүнөн чыгып кетүү ниетин билдирип, бул кадамын узакка созулган согуштардын өлкө экономикасына зыяндуулугу менен байланыштырды. Бирок ал башкаруу мөөнөтүндө бул максатын ишке ашырууга жетишкен жок. Андан кийин Жо Байден бийиликке келип, аталган өлкөлөрдөн мажбурий түрдө аскерлерин чыгарып кетти. Бир топ америкалык саясатчылар бул өлкөлөрдөгү согушта ийгиликсиздикке дуушар болушканын айтып чыгышты.

Жо Байдендин доорунда Американын дүйнөнү атаандашсыз, жалгыз башкаруу максатында жаңы эл аралык түзүмдү орнотуу планына киришкенин көрдүк. Америка айрым фронтторду жабып, алардын ордуна жаңы фронтторду ачты. Ал ааламдык өзгөрүүнү өз кызыкчылыгына ылайык көзөмөлдөө үчүн айрым өлкөлөрдү басынтып, айрым өлкөлөрдү кысымга алып, кээбир өлкөлөр менен тил биriktire баштады. Байден мусулман өлкөлөрүнөн чыгып кетер замат Орусия менен Украина ортосунда жаңы согушту тутандырды. Мындан максат

өзү согушка түздөн-түз катышпай туруп, эл аралык майданда Америкага атаандаштык кылып жаткан Европа өлкөлөрү менен Орусияны алсыратуу эле. Мындан тышкары, Америка Кытайды дагы алсыратып, ресурстарын коротуп, аны өз айлансындагы өлкөлөр менен убара кылууну мерчемдеп турат. Ал өзү аралашпай туруп дүйнөдөгү бардык өлкөлөрдү түрдүү көйгөйлөр менен чарчатуу аркылуу аларды «жаңы дүйнөлүк маршал» долбооруна т.а. жаңы дүйнө жетекчилигине баш ийдирүүнү көздөөдө. Мына ушулардан көрүнүп тургандай, Америка мамлекеттерди бөлүп жаруу жана согуштарды тутандыруу аркылуу өзүнөн башка күчтөрдүн баарын алсыратмакчы. Ал Орусия менен Кытайдын ортосун ажыратып, Европа өлкөлөрүн ыдыратууну каалап турат. Ошол эле учурда, мусулмандардын Халифалык мамлекетин орнотуусуна жол бербөө үчүн мусулмандар ортосунда улутчулдук, тайпачылык жана мазхабпарастык жаңжалдарды козгоо менен алектенүүдө.

Бүгүнкү күндөгү дүйнөлүк саясат жана эл аралык күрөш мына ушул нукта барууда. Арийне, бул күрөштүн натыйжалары келечектеги жер бетиндеги эл аралык саясий күрөштөрдүн узак мөөнөттүү картасын аныктап берет.

Демек, бүгүн дүйнө ааламдык өзгөрүүнүн босогосунда турат. Ал эми **Ислам жана мусулмандардын бул өзгөрүүдөгү үлүшү кандай?** Ушул жерден макалабыздын башында айтылган сөздөргө кайтабыз. Советтер Союзу кулаган кезде Америка ортодогу боштукту толтуруу үчүн гана Исламды душман кылып тандап алган эмес. Американын Исламды эң башкы душман кылып белгилөөсүнүн себеби: ал Исламдын Халифалык мамлекетинде татбик кылынуучу мабда, хазарат жана башкаруу түзүмү экендигин абдан жакшы билет эле. Анын үстүнө, Америка мусулмандардын фикирий жана саясий чабуулдар себептүү кабылган сенектик жана сокурдук абалынан чыга башташканын, абалкы азиздигине кайтуу үчүн Исламды турмушка кайтарууга белсенип, жапа тырмак аракетке киришкенин жакшы түшүнөт. «Араб жазы» көтөрүлүштөрү бул тенденциянын олуттулугун көзгө сайгандай көрсөтүп койду. Бүгүнкү күндө, эл аралык майданда Американын ордун талашуучу күчтөр пайда болгондугу себептүү Америка Исламга каршы күрөштөн азыноолак баш тартууга мажбур болгону менен, ал үчүн Ислам баарибир эң чоң коркунуч катары кала бермекчи. Анткени, Исламдын башка атаандаштардан артыкчылыгы т.а. дүйнөнү башкарууга жарактуу мабдасы бар. Америка менен атаандашып жаткан башка өлкөлөрдүн бардыгы дүйнөнү бүгүнкү туңгуюкка алып келген капитализм мабдасынын түшүнүктөрүн карманышат. Алар жаңы дүйнөлүк түзүм кайра эле ушул

түшүнүктөрдүн негизинде орношун каалашат. Ал мамлекеттер саясий позициялар жана жеке кызыкчылыктар үчүн гана жан үрөп, атаандашууда. Башкача айтканда, бул мамлекеттер кандай гана өзгөрүү жасашпасын, ал баарибир чыныгы өзгөрүүгө, көйгөйлөрдү тамырынан чечүүгө алып келбейт.

Бир гана Ислам акыйкатты, бүгүнкү көйгөйлөрдүн туура чечимин жана кутулуунун жолун сунуштай алат. Бул күрөштөгү Исламдын күч-кубаты мына ушунда. Ислам мусулмандарды эле эмес, кайры мусулмандарды дагы бүгүнкү кордуктан куткарат. Дүйнөдө кандай гана мабда болбосун, ал жеңишке жетүү үчүн фикирий жана маддий (материалдык) күчкө ээ болушу зарыл. Бүгүнкү күндөгү Батыш жана эл аралык майданга таасир өткөрүүчү башка өлкөлөр маддий күчкө ээ болгону менен, алардын эч бири туура фикирий күчкө ээ эмес. Алардын каршысында, Ислам туура фикирий күчкө ээ, бирок аны коргоп кала турган маддий күч-кубаты т.а. Исламий Халифалык мамлекети азырынча жок. Аллах Субханаху ва Таала мусулмандарды Анын динин коргоого, Халифалыкты орнотууга, шариятты татбик кылууга, мамлекеттерди фатх кылууга, дүйнө элин Исламга киргизүүгө, Расулуллах ﷺ жана анын сахабалары жүргөн жолду ээрчүүгө буйруган. Ошондой эле, Аллах Таала мусулмандар арасында жакшылыкка чакырып, жамандыктан кайтаруучу бир жамаат болушун буйруган. Аллах Таала айтат:

﴿وَلۡتَكُن مِّنكُمۡ أُمَّةٞ يَدۡعُونَ إِلَى ٱلۡخَيۡرِ وَيَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَيَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِۚ﴾

***«Силерден жакшылыкка** (Исламга) **чакыра турган, ибадат-итаатка буюра турган жана күнөө-жаман иштерден кайтара турган бир жамаат болсун. Дал ошолор ийгилик табуучулар -** (тозоктон) **кутулуучулар»*** [3:104]

Аллах Таала мына ошол жамаатка жардам берүүчү момундарга Өзү нусрат берерин убада кылган.

Мына ушул аятка жооп иретинде **Хизб ут-Тахрир** негизделди. Ал Расулуллах ﷺдын баскан изинен жүрүп, анын Исламий мамлекетти тикелөө жолунда жасаган иштерин өзүнө тарыйкат кылып карманды жана андан кылча тайган жок. Хизб шаръий фикрат ахкамдарын жана шаръий тарыйкат ахкамдарын табанний кылууну, ошондой эле, максатына жетүү үчүн туура шаръий жолду белгилөөнү ийгиликтүү басып өттү. Хизб ут-Тахрир Расулуллах ﷺдын тарыйкатын кармануу менен өз жолунда фикирий жана саясий күрөш алып барды, Умматтын кызыкчылыктарын таббаний кылды, кафир колонизатор Батыштын мусулмандарга каршы пландарын ачып берди. Натыйжада, Ислам ааламында Ислам менен башкаруу тууралуу рай оом (коомдук фикир)

пайда болду. Хизбдин бул ийгиликтерин көргөн кафир Батыштын тынчы кетип, түн уйкусу бузулду жана Хизбдин ишине тоскоолдук кылуу үчүн болгон күчүн, айла-амалдарын ишке салып, күрөшүп келүүдө. Хизб ут-Тахрирдин Ислам Умматына сунуштаган нерселеринин бири бул күтүлүп жаткан Исламий мамлекеттин жихазын (органдарын) жана алардын милдеттерин баяндаган мамлекеттик дастур (конституция) болду. Ошодой эле, Хизб даъват жүгүн көтөрүүчү кыраан, эр жүрөк, Аллахтан башкага моюн сунбас, мансаптуурга жагалданбас, жемелөөчүнүн жемелөөсүнөн коркпос баатыр жигиттерди жетиштирип чыгарды. Башкалар коркуп, жеке коопсуздугун ойлоп, дүйнөсүн акыретинен абзел көрүп турушканда Хизб жигиттери эң алдыңкы сапта туруп, Ислам жана мусулмандардын душмандарына каршы айыгышкан фикирий күрөш алып барышты. Бул жигиттер даъват жолунда көз көрүп, кулак укпаган кыйынчылыктарды, кыйноолорду жана кордуктарды көргөнүнө карабай, ыйманы бекем, кайраты күчтүү шахсиялар болуп калыптанышты. Булар нечендеген тоскоолдуктарды жана толкундарды темирдей бекем кайрат менен басып өтүп, болочок Ислам мамлекетинин татыктуу кадрларынан болуп жетилишти...

Хизб ут-Тахрирдин өзгөчөлүктөрүнөн бири ал хизбий иш идарасындагы (администрациясындагы) таббанийлерин мамлекеттен тикеленгенден кийинки шаръий мамлекеттик идаранын табаннийлерине окшош кылды. Мисалга алсак, Хизбдеги амир мансабы халифанын мансабына окшош. Амирдин айланасындагы мүчөлөр тафвид муавиндерине окшош. Идарий иштердеги амирдин жардамчылары, кандайдыр бир иш болсо амирге жеткирүүчүлөр жана амирдин буйругун башкаларга жеткирүүчүлөр танфиз муавиндерине окшош. Хизбий даъват ишин вилаяттарга бөлүү жана аларга дайындалган муътамаддар Ислам мамлекетиндеги башкаруу вилаяттарына жана анда дайындалган валийлерге окшош. Ал эми махаллий жихаздар жана накибдер Ислам мамлекетиндеги жумушчуларга окшош...

Нусрат маселесине келсек, Аллах Субханаху ва Таала нусратты Өзү гана берерин айткан. Аллахтын нусраты бул дүйнөдө жана акырет күнүндө пайгамбарларга жана момундарга болот. Бул туурасында Аллах Таала бир нече аяттарда мындай деген:

﴿وَكَانَ حَقًّا عَلَيْنَا نَصْرُ ٱلْمُؤْمِنِينَ﴾

***«Жана ыйман келтирген заттарга нусрат берүү да Биздин мойнубуздагы чындык болгон»,*** [30:47]

﴿وَمَا ٱلنَّصۡرُ إِلَّا مِنۡ عِندِ ٱللَّهِ ٱلۡعَزِيزِ ٱلۡحَكِيمِ﴾

***«Негизинен нусрат дааналык Ээси болгон Алланын даргөйүнөн гана келет»*** [3:126]

﴿هُوَ ٱلَّذِيٓ أَيَّدَكَ بِنَصۡرِهِۦ وَبِٱلۡمُؤۡمِنِينَ﴾

***«Ал сени Өз нусраты жана момундар менен колдогон»*** [8:62]

﴿حَتَّىٰٓ إِذَا ٱسۡتَيۡـَٔسَ ٱلرُّسُلُ وَظَنُّوٓاْ أَنَّهُمۡ قَدۡ كُذِبُواْ جَآءَهُمۡ نَصۡرُنَا فَنُجِّيَ مَن نَّشَآءُۖ وَلَا يُرَدُّ بَأۡسُنَا عَنِ ٱلۡقَوۡمِ ٱلۡمُجۡرِمِينَ﴾

***«Ар качан ошол пайгамбарларыбыз күдөр үзүп: «Биз жалганчы кылындык – пайгамбар экендигибизге ишенишпеди», деп ойлоп башташканда, аларга Биздин нусратыбыз келип, Биз каалагаи кишилер куткарылар эле.*** *(А бирок)* ***кылмышкер болгон коомдон Биздин азабыбыз кайтарылбайт!»*** [12:110]

﴿إِنَّا لَنَنصُرُ رُسُلَنَا وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ فِي ٱلۡحَيَوٰةِ ٱلدُّنۡيَا وَيَوۡمَ يَقُومُ ٱلۡأَشۡهَٰدُ﴾

***«Албетте, Биз пайгамбарларыбызга жана ыйман келтирген заттарга дүйнө тирүүлүгүндө да, күбөлөр тура турган Күндө*** *(Кыяматта)* ***да нусрат беребиз»*** [40:51]

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ إِن تَنصُرُواْ ٱللَّهَ يَنصُرۡكُمۡ وَيُثَبِّتۡ أَقۡدَامَكُمۡ﴾

***«Эй момундар, эгер силер Аллага нусрат берсеңер*** *(тактап айтканда, Анын жолунда жихад кылсаңар)****, Ал Зат да силерге нусрат берет жана согуш майданында кадамдарыңарды бекем, туруктуу кылат»*** [47:7]

Мына ушул жана башка көптөгөн аяттарда нусраттын Аллах Таала тарабынан гана болору, ошондой эле, пайгамбарларга жана момундарга гана болору айтылган.

Биз мусулмандар нусрат бир гана Аллахтын колунда экендигине ыйман келтиргенбиз. Демек, Аллах Таала нусрат үчүн белгилүү шарттарды, ылайыктуу эл аралык абалдарды жаратып коёт. Ошондой эле, Аллахтын динине нусрат берүү үчүн момундардын жүрөктөрүн ачып коёт. Расулуллах ﷺдын доорунда дал ушундай болгон жана бул абал Куранда да эскерилген. Ибн Хишам өзүнүн «Сийрат» китебинде ажылык мезгилинде Мадинага келген топтун окуясын мындайча баяндайт: «Ибн Исхак айтат: «Аллах Таала динди ашкере кылып, Өз пайгамбары Мухаммад ﷺды азиз кылууну жана ага берген убадасын ишке ашырууну каалаган кезде ажылык мезгили башталган эле. Ошол кезде (мадиналык) ансарлар тобу Расулуллах ﷺ менен жолугушту. Ал ﷺ жыл сайын ажылык мезгилинде көчөгө чыгып өзүн арабдарга тааныштырар эле. Бул жылы дагы ошондой кылды. Ал ﷺ Акабада

турган кезде Аллах жакшылыгын ыроологон Хазраж уруусунун тобу менен жолукту». Ошондой эле, Мусъаб ибн Умайр Мадинада жүргөн кезинде өз коомунун башчылары болгон Усайд ибн ал-Худайр жана Саъд ибн Муъаз (Аллах алардан ыраазы болсун) менен жолукту. Алар чак түштө эки саатка жакын убакыт сүйлөшүүдөн кийин Мусъабдын даъватын кабыл алышкан. Алардын акыйкатты кабыл алуусу көптөгөн жолугушууларды жана үлкөн мээнетти дагы талап кылбады... Момундардын энеси азирети Аиша رضي الله عنها дагы ушул өңдүү окуяны айтып берген. Анын айтымында, «Буаъс күнү»[1] Аллах Тааланын Өз Расулуна берген белеги болгон. Анткени, ал согушта өзгөрүүнү жактыра бербеген Мадиналык улуу муундагы жетекчилердин бийлиги жоюлуп, акыйкатты кабыл алуусу жеңилирээк болгон жаштар бийликке келишкен. Мисалы, ал согушта Усайд ибн ал-Худайрдын атасын өлтүрүлүп, атасынан кийин өзү уруу башчысы болуп дайындалган... Курани Каримдин көптөгөн аяттарында дагы момундарга нусрат берүү үчүн Аллах Тааланын кийлигишүүсү тууралуу окуялар баяндалган. Аллах Таала айтат:

﴿هُوَ ٱلَّذِىٓ أَخْرَجَ ٱلَّذِينَ كَفَرُوا۟ مِنْ أَهْلِ ٱلْكِتَـٰبِ مِن دِيَـٰرِهِمْ لِأَوَّلِ ٱلْحَشْرِ ۚ مَا ظَنَنتُمْ أَن يَخْرُجُوا۟ ۖ وَظَنُّوٓا۟ أَنَّهُم مَّانِعَتُهُمْ حُصُونُهُم مِّنَ ٱللَّهِ فَأَتَىٰهُمُ ٱللَّهُ مِنْ حَيْثُ لَمْ يَحْتَسِبُوا۟ ۖ وَقَذَفَ فِى قُلُوبِهِمُ ٱلرُّعْبَ ۚ يُخْرِبُونَ بُيُوتَهُم بِأَيْدِيهِمْ وَأَيْدِى ٱلْمُؤْمِنِينَ فَٱعْتَبِرُوا۟ يَـٰٓأُو۟لِى ٱلْأَبْصَـٰرِ﴾

***«Ал ахли Китептен** (яхудийлерден) **каапыр болгон кимселерди, биринчи топтогондо эле өз мекендеринен айдап чыгарган Зат.** (Эй момундар), **силер алардын чыгып кетүүлөрүн ойлогон да эмес элеңер. Алар да өздөрүнүн коргон-калааларын Алла**(нын азабынан) **тосот деп ойлошкон эле. Ошентип, Алла**(нын азабы) **алар эсепке албаган тараптан келди жана жүрөктөрүнө коркунуч салды. Алар үйлөрүн өз колдору жана момундардын колдору менен бузушат. Демек, эй акыл ээлери,** (алардын акыбалынан) **үлгү алгыла!»*** [59:2]

Хижрат окуялары дагы Аллах Тааланын кийлигишүүсү менен коштолгонун баарыбыз билебиз... Ошондуктан момундарга айтарыбыз, Аллах Азза ва Жалла бизди Расулуллах ﷺдын тарыйкаты менен жүрүүгө буйруду, жана эгер биз Анын динине нусрат берсек, Ал дагы бизге нусрат берүүнү убада кылды. Аллахтын динине нусрат берүү Анын буйруктарына моюн сунуу жана кандай оор кыйынчылыктар болбосун, бул жолдон кылча тайбоо менен болот. Аллах Таала бизге себептерди жаратып берет, а биз болсо Ал

[1] Буъас күнү же Буъас окуясы – Ясрибдеги (Мадинадагы) Аус жана Хазраж уруулары ортосунда болуп өткөн эң акыркы согуш. (котормочудан)

Субханаху ва Тааланын Өзү каалаган учурда, Өзү каалагандай нусрат беришин күтөбүз...

Бүгүнкү күндө Американын мамлекеттер ортосунда согуштарды келтирип чыгаруусу Ислам мамлекетинин түптөлүшүнө салым болот деп үмүт кылабыз. Арийне, нусрат Американын же дагы башка бирөөнүн эмес, бир гана Аллахтын колунда. Ошондуктан биз дааналыктын ээси болгон мээримдүү Аллах Тааланын буйруктарына моюн сунуп, ошол эле учурда, Анын Халифалык мамлекетин кандай орнотуусун кылдап күзөтүп барышыбыз зарыл. ***«Сенден ал күн качан болот деп сураша, ал күн абдан жакын деп айткын»***.

Бүгүнкү күндө Ислам Умматы талашсыз акыйдавий жана вакиъий акыйкаттардын алдында турат. Уммат өз акыйдасынан келип чыккан бул акыйкаттардан кубаттанып, улуу жолго жигердүүлүк менен аттануусу зарыл. Алардын ичинен акыйдавий акыйкаттар төмөнкүлөр:

– Бул Умматка пайгамбарлык минхажындагы Рошид Халифалык убада кылынган. Бул дин Аллах убада кылган жана Анын Расулу башарат кылган Халифалык мамлекети менен бүтүн дүйнөнү башкарат. Аллах Таала айтты:

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ مِنكُمۡ وَعَمِلُواْ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسۡتَخۡلِفَنَّهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ كَمَا ٱسۡتَخۡلَفَ ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِهِمۡ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمۡ دِينَهُمُ ٱلَّذِي ٱرۡتَضَىٰ لَهُمۡ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعۡدِ خَوۡفِهِمۡ أَمۡنٗاۚ يَعۡبُدُونَنِي لَا يُشۡرِكُونَ بِي شَيۡـٔٗاۚ وَمَن كَفَرَ بَعۡدَ ذَٰلِكَ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡفَٰسِقُونَ﴾

***«Алла силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум илгери өткөн*** *(ыйман-ишенимдүү)* ***заттарды*** *(жер жүзүнө)* ***халифа кылгандай, аларды да жер жүзүнө халифа кылууну жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон*** *(Ислам)* ***динин, үстөм-бекем кылууну, ошондой эле, аларды коркунучтарынан кийин, тынтык-бейпилдикке бөлөп койушун убада кылды. Алар Мага ибадат кылышат жана Мага бир да нерсенн шерик кылышпайт. Ким мына ушул*** *(убада)* ***дан кийин*** *(неъматка)* ***куфрлук кылса, демек алар баш ийбес адамдар»***. [24:55]

Расулуллах ﷺ айтты:

«إِنَّ اللَّهَ زَوَى لِي الْأَرْضَ فَرَأَيْتُ مَشَارِقَهَا وَمَغَارِبَهَا وَإِنَّ أُمَّتِي سَيَبْلُغُ مُلْكُهَا مَا زُوِيَ لِي مِنْهَا وَأُعْطِيتُ الْكَنْزَيْنِ الْأَحْمَرَ وَالْأَبْيَضَ»

**«Аллах Таала мага жерди тегиз кылып көрсөттү. Мен анын чыгышы менен батышын көрдүм. Акыйкатта, менин Умматымдын мүлкү** (бийлиги) **мага көрсөтүлгөн жердин баарына жетип барат. Мага эки – кызыл жана ак кенч берилди»** (Имам Ахмад риваяты).

– Нусрат бир гана Аллах Азза ва Жалланын даргөйүнөн болот. Ал аз жана алсыз болушса дагы, нусратты Өзүнүн момун пенделерине берет. Ошондой эле, көп жана күчтүү болушса дагы, кафир коомдорду төмөн кылат. Аллах Таала айткан:

﴿إِنَّا لَنَنصُرُ رُسُلَنَا وَٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ فِي ٱلۡحَيَوٰةِ ٱلدُّنۡيَا وَيَوۡمَ يَقُومُ ٱلۡأَشۡهَٰدُ﴾

***«Албетте, Биз пайгамбарларыбызга жана ыйман келтирген заттарга дүйнө тирүүлүгүндө да, күбөлөр тура турган Күндө*** *(Кыяматта)* ***да нусрат беребиз»*** [40:51]

﴿وَنُرِيدُ أَن نَّمُنَّ عَلَى ٱلَّذِينَ ٱسۡتُضۡعِفُواْ فِي ٱلۡأَرۡضِ وَنَجۡعَلَهُمۡ أَئِمَّةٗ وَنَجۡعَلَهُمُ ٱلۡوَٰرِثِينَ ۞ وَنُمَكِّنَ لَهُمۡ فِي ٱلۡأَرۡضِ وَنُرِيَ فِرۡعَوۡنَ وَهَٰمَٰنَ وَجُنُودَهُمَا مِنۡهُم مَّا كَانُواْ يَحۡذَرُونَ﴾

***«Биз болсо ал жерде кордолгон кишилерге камкордук кылууну, аларды*** *(кордук, бечаралыктан чыгарып, бардык адамдарга)* ***башчы заттарга айландырууну жана аларды*** *(Фиравндын мүлкүнүн)* ***мураскорлору кылууну каалайбыз»*** [28:5]

Биз себептерди аткарабыз, Роббибиздин буйругуна моюн сунабыз жана бул Умматка шарият белгилеген шарттардын негизинде нусрат убада кылынганына бекем ишенебиз.

– Аллах Азза ва Жалла Өзүнүн момун пенделерин коргоп, душмандарын кор кылат. Аллахтан өткөн колдоочу, хидаятка баштоочу жана нусрат берүүчү зат болмокпу? Аллах Таала айткан:

﴿إِنَّ ٱللَّهَ يُدَٰفِعُ عَنِ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْۗ إِنَّ ٱللَّهَ لَا يُحِبُّ كُلَّ خَوَّانٖ كَفُورٍ ۞ أُذِنَ لِلَّذِينَ يُقَٰتَلُونَ بِأَنَّهُمۡ ظُلِمُواْۚ وَإِنَّ ٱللَّهَ عَلَىٰ نَصۡرِهِمۡ لَقَدِيرٌ﴾

***«Албетте Алла ыйман келтирген заттарды коргойт. Албетте, Алла бардык кыянатчы жана неъматка шүгүрсүздүк кылуучуларды жакшы көрбөйт. Чабуулга учурап жаткан заттарга зулумдук көргөндүктөрү себептүү*** *(согушууга)* ***уруксат берилди. Албетте Алла аларды жеңишке ээ кылууга кудуреттүү»*** [22:38-39]

– Бүгүнкү тагут жана залым мамлекеттер канчалык күчтүү жана кубаттуу болбосун, алар Аллахтын алдында жөргөмүчтүн уясынан да алсыз, морт. Аллах Таала айтты:

﴿مَثَلُ ٱلَّذِينَ ٱتَّخَذُواْ مِن دُونِ ٱللَّهِ أَوۡلِيَآءَ كَمَثَلِ ٱلۡعَنكَبُوتِ ٱتَّخَذَتۡ بَيۡتٗاۖ وَإِنَّ أَوۡهَنَ ٱلۡبُيُوتِ لَبَيۡتُ ٱلۡعَنكَبُوتِۚ لَوۡ كَانُواْ يَعۡلَمُونَ﴾

***«Алладан өзгө «досторду» тутунган кишилер кудум*** *(өзү үчүн)* ***үй куруп алып,*** *(ошол үйүнөн жардам издеген)* ***жөргөмүшкө окшойт. Албетте үйлөрдүн эң морту жөргөмүштүн уясы. Эгер алар*** *(аны)* ***билишкенде***

*(жөргөмүштүн уясы сыяктуу алсыз буттардан жардам издебеген болушаар эле)»* [29:41]

Акыйкатта, яхудийлер куруп жаткан шаарлар, келечекте, мусулмандар жашай турган жерлерге айланат, ин шаа Аллах. Ошондой эле, алар иштеп чыгарган жоо жарактарды жана өнөржай-заводдорду биз Аллахтын жолунда колдонобуз. Аллах Таала айтат:

﴿وَأَوۡرَثَكُمۡ أَرۡضَهُمۡ وَدِيَٰرَهُمۡ وَأَمۡوَٰلَهُمۡ وَأَرۡضٗا لَّمۡ تَطَـُٔوهَاۚ وَكَانَ ٱللَّهُ عَلَىٰ كُلِّ شَيۡءٖ قَدِيرٗا﴾

***«Жана силерди алардын жерлерине, короо - жайларына, мал - мүлктөрүнө жана (али) силердин аягыңар жетпеген жерлерге мураскор кылды. Алла ар нерсеге Кудуреттүү болгон Зат»*** [33:27]

﴿هُوَ ٱلَّذِيٓ أَخۡرَجَ ٱلَّذِينَ كَفَرُواْ مِنۡ أَهۡلِ ٱلۡكِتَٰبِ مِن دِيَٰرِهِمۡ لِأَوَّلِ ٱلۡحَشۡرِۚ مَا ظَنَنتُمۡ أَن يَخۡرُجُواْۖ وَظَنُّوٓاْ أَنَّهُم مَّانِعَتُهُمۡ حُصُونُهُم مِّنَ ٱللَّهِ فَأَتَىٰهُمُ ٱللَّهُ مِنۡ حَيۡثُ لَمۡ يَحۡتَسِبُواْۖ وَقَذَفَ فِي قُلُوبِهِمُ ٱلرُّعۡبَۚ يُخۡرِبُونَ بُيُوتَهُم بِأَيۡدِيهِمۡ وَأَيۡدِي ٱلۡمُؤۡمِنِينَ فَٱعۡتَبِرُواْ يَٰٓأُوْلِي ٱلۡأَبۡصَٰرِ﴾

***«Ал ахли Китептен*** *(яхудийлерден)* ***каапыр болгон кимселерди, биринчи топтогондо эле өз мекендеринен айдап чыгарган Зат.*** *(Эй момундар),* ***силер алардын чыгып кетүүлөрүн ойлогон да эмес элеңер. Алар да өздөрүнүн коргон-калааларын Алла****(нын азабынан)* ***тосот деп ойлошкон эле. Ошентип, Алла****(нын азабы)* ***алар эсепке албаган тараптан келди жана жүрөктөрүнө коркунуч салды. Алар үйлөрүн өз колдору жана момундардын колдору менен бузушат. Демек, эй акыл ээлери,*** *(алардын акыбалынан)* ***үлгү алгыла!»*** [59:2]

Абу Абдуллах Хаббаб ибн ал-Аратт ﵁дан риваят кылынган хадисте ал мындай деген: «Күндөрдүн биринде Расулуллах ﷺ Каъбанын көлөкөсүндө башын жөлөнгүчкө жөлөп жаткан эле. Биз мушриктерден азап-кыйноолордун түрүн көргөндүктөн, ага барып: «Бизге нусрат сурабайсызбы? Аллахка биз үчүн дуа кылбайсызбы?» - деп калдык. Ошондо ал ﷺ:

«قَدْ كَانَ مَنْ قَبْلَكُمْ، يُؤْخَذُ الرَّجُلُ فَيُحْفَرُ لَهُ فِي الْأَرْضِ، فَيُجْعَلُ فِيهَا، فَيُجَاءُ بِالْمِنْشَارِ فَيُوْضَعُ عَلَى رَأْسِهِ فَيُجْعَلُ نِصْفَيْنِ، وَيُمْشَطُ بِأَمْشَاطِ الْحَدِيْدِ مَا دُوْنَ لَحْمِهِ وَعِظَمِهِ، فَمَا يَصُدُّهُ ذَلِكَ عَنْ دِيْنِهِ. وَاللهِ لَيُتِمَّنَّ هَذَا الْأَمْرَ، حَتَّى يَسِيْرَ الرَّاكِبُ مِنْ صَنْعَاءَ إِلَى حَضْرَمَوْتَ، لا يَخَافُ إِلاَّ اللهَ وَالذِّئْبَ عَلَى غَنَمِهِ، وَلَكِنَّكُمْ تَسْتَعْجِلُوْنَ»

**«Силерден мурунку өткөндөрдү казылган жерге** (жарымына чейин) **көмүшүп, андан кийин, баштарынан ара менен экиге бөлүшөр эле, ошондой эле, темир тарактар менен эттерин сөөктөрүнөн шылып алышар эле. Ушундай иштер дагы аларды Аллахтын дининен кайтара алган эмес. Аллахка касам, Аллах бул ишти аягына чыгарат, жана**

**Санъадан чыккан атчан Хазрамаутка чейин** (өз жаны үчүн) **Аллахтан жана койлору үчүн карышкырдан башка эч нерседен кооптонбой жете турган келет».**

Ал эми Уммат кубат алуучу вакиъий акыйкаттар болсо төмөнкүлөр:

– Хизб ут-Тахрирдин өзгөртүү жана Халифалыкты орнотуу жолундагы шарият ахкамдарын бекем карманууcу тарых кербенинен сыймыктуу орун ээлеп баруудa. Ислам ааламындагы аалымдар, жамааттар, дегеле жалпы мусулман журтчулугу жеңиш Исламдын колунда экендигин түшүнүп жетти. Ислам Умматы бүгүнкү бактысыздыктан кутулуу жана Исламий турмушту баштоо үчүн Аллах Субханаху ва Таалага жалбарып дуа кылууда. Арийне, мусулмандар бул жолдо шарият талап кылган иш-амалдарды аткарбай жаткан болсо дагы, Умматта калыптанган бул раъй оом (коомдук фикир) Хизб даъватынын жемиши экендиги талашсыз акыйкат.

– Мусулмандар башына оор күн түшкөн кезде өзүнүн Исламий маселелери айланасында чагылгандай тездик менен бириге алат. Биз Умматтын Расулуллах ﷺдын аброюна шек келтирүүчү карикатураларга каршы, ошондой эле, яхудийлер менен мамилелерди нормалдаштырууга каршы кандай тездик менен бириккенине күбө болдук. Жада калса, футбол оюндарында дагы Уммат өзүнүн көөнөрбөс биримдигин көрсөтүп жатты. Эми жер бетинде Аллахтын хукму орнотулган күндө бул Умматтын абалы кандай болорун бир элестетип көрүңүзчү... Мусулмандардын өз диндерине бекемдиги, келечек Исламдыкы болору жана бул дин жүрөктөрдө дагы деле жандуу экендиги тууралуу мусулман эместердин ооздорунан канчалаган билдирүүлөрдү угуп келүүдөбүз. Ошол эле учурда, Батыш хазараты кыйроого жүз тутуп, жер бетинде үй-бүлө институтун жок кылуучу, мусулмандар дагы, кайры мусулмандар дагы кабыл алгыс гомосексуализмди жарнамалап, андан бөлөк алгылыктуу жолду сунуштай албай турат. Батыш өлкөлөрү өз кызыкчылыктары үчүн дүйнө элдерин кырып жок кылуучу жана дүйнө мамлекеттерин бузуп-талкалоочу кандуу согуштарды уюштуруу менен убара болуп калды.

Биз ишенимдүү түрдө айтабыз, Рошид Халифалык дүйнө жүзү үчүн жаңы хазарий долбоор болот. Бул долбоор Расулуллах ﷺдын «**Андан кийин пайгамбарлык минхажындагы Халифалык болот**», деген улуу башаратына ылайык, өз максатын көздөй алгыр кадам таштап барууда. Шаръий жана вакиъий (реалдуулук) фактылар бул күндүн келерине саналуу гана убакыттар калганын тастыктап турат. Аллахтын изни менен, кафирлердин өлкөлөрү, жерлери жана байлыктары мусулмандар үчүн олжо болот. Мусулмандар ал олжолорду душмандарына каршы согушта колдонушат. Расулуллах ﷺ айткан:

«إِذَا هَلَكَ قَيْصَرُ فَلَا قَيْصَرَ بَعْدَهُ، وَإِذَا هَلَكَ كِسْرَى فَلَا كِسْرَى بَعْدَهُ، وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لِتُنْفَقَنَّ كُنُوزُهُمَا فِي سَبِيلِ اللَّهِ»

**«Эгер Кайсар кыйраса, андан кийин башка Кайсар болбойт. Эгер Кисра кыйраса, андан кийин башка Кисра болбойт. Менин жаным Анын колунда болгон Затка касам, алардын байлыктары Аллахтын жолуна сарпталат».** (Муттафакун алайхи)

**Оо мусулмандар,** кимде-ким салих амал кыламын десе, амалдардын эң абзели – Исламий Халифалык мамлекетин орнотууга даъват кылуу жолунда амал кылсын. Өзүнүн болгон убактысын, күч-кубатын жана мал-байлыгын ушул жолдо сарптасын. Бул иштен аны эч бир нерсе тосуп койбосун. Акыйкатта, Исламий Халифалык мамлекети босого кагып турат. Ар бир момун бул үчүн өз мүмкүнчүлүгү деңгээлинде кызмат кылуусу важиб.

**Оо мусулмандар,** Исламий Халифалык мамлекети тез күндө тикеленет, ин шаа Аллах. Андыктан, биз өзүбүздү мамлекет тикеленгенден кийинки иштерге даярдашыбыз зарыл. Аллах Тааладан бизди Халифалык тикелеленген чейин, тикеленген учурда жана тикеленгенден кийин дагы анын эң ишенимдүү элдеринен кылуусун сурап калабыз. Аллах Таала айтат:

﴿وَيَوْمَئِذٍ يَفْرَحُ ٱلْمُؤْمِنُونَ ۝ بِنَصْرِ ٱللَّهِ ۚ يَنصُرُ مَن يَشَآءُ ۖ وَهُوَ ٱلْعَزِيزُ ٱلرَّحِيمُ﴾

***«Ошол күндө момундар Алла жеңишке ээ кылгандыгы себептүү шаттанышат.*** *(Алла)* ***Өзү каалаган кишисин үстөм кылат. Ал кудурет жана ырайым ээси»*** [30:4-5]

Оо Аллахым, бизди чынчылдардан кыл, бизге нусратыңды бер жана бизди неъматтарга толгон Бейишиңде Расулуллах ﷺ менен чогуу кыл! ❑

## ЭЛ АРАЛЫК КҮРӨШ КЫЗУУ ТҮС АЛЫП, УЧУРДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК ТАРТИПТИ ӨЗГӨРТҮҮ ЗАРЫЛДЫГЫ ПАЙДА БОЛУП ТУРГАН БИР УЧУРДА ДҮЙНӨНҮ КИМ БАШКАРАТ? ИСЛАМ АКЫЙКАТ ДИН, ХАЛИФАЛЫК ЖАПАДАН-ЖАЛГЫЗ ЧЕЧИМ...

**Набил Абдулкарим**

«Жаңы эл аралык тартип» темасы – бул бүгүнкү күндө эң көп талкууланган маселелердин бири. «Бир уюлдуу тартиптин» улантуучусу боло турган «Жаңы эл аралык тартип» темасына бир катар саясий муфаккирлер токтолуп өтүшкөн. Россия-Украина согушу башталышынан мурда дүйнө тартиби кризисине тиешелүү эл аралык саясий абалга баа берүү көп кырдуу жана көп талкууланган маселе болчу. Ал эми, согуштан кийин эл аралык саясий абалга баа берүүдө дүйнө тартибинде анын жок болуп кетишине алып бара турган алсыз чекиттер бар экендигине көңүл бурула баштады. Дүйнө тартибиндеги алсыз чекиттер бүгүн жүзөгө келген проблемаларга эле байланыштуу эмес, балким, ал пайда болгондон бери алсыз. Бирок, алсыз чекиттер дүйнө тартибинин негизги пайдубалдарынан бири болгону үчүн бүгүнкү күндө аларды жашыруу мүмкүн эмес жана алар себептүү анын жок болуп кетиши анык экендиги күндөн-күнгө тастыкталууда. Дүйнөнү ким башкарат? - деген суроо бүгүнкү күндөгү эң маанилүү суроо болсо керек. Бул көптөгөн таасирдүү күчтөр, муфаккирлер, изилдөөчү жана саясий талдоочулар тарабынан жашыруун талкууларда карала турган талкуу темасы болушу керек.

Келечекте эл аралык тартиптин кандай болушу туурасында о.э. азыркы күндө тездешип жаткан жана жакынкы келечекте жүз бериши күтүлүп жаткан өзгөрүүлөр көрүнүшүндө бир уюлдуу тартипти улантуу мүмкүнчүлүктөрү жөнүндө талкуулар башталды. Ушуга ылайык, бардык изилдөөлөрдө ушул бир уюлдуу эл аралык тартиптин ордун ээлей турган эл аралык тартиптер боюнча бир катар сунуштар болду. Жооптор үч тартип айланасында чогулду: Биринчи: Эки уюлдуу тартип. Экинчи: Көп уюлдуу тартип. Үчүнчү: Уюлсуз тартип. Бирок, мусулмандардын сан жагынан дүйнөдө экинчи орунду ээлеши жана роббаний мабдага ээ болушканы көз карашынан келип чыгып жандашкан кишилерди таппадык. Ошондуктан, биз бул суроого мурда эч ким кайрылбаган көз караштан келип чыгып, объективдүү жооп берүүгө аракет кылабыз.

Эл аралык тартип түшүнүгү Европанын отуз жылдык согуштарына чекит койгон жана суверендүү улуттук мамлекеттерден түзүлгөн заманбап Европа континенти пайда болушун белгилеген келишимдер фонунда пайда болду. Суверенитет принциби ушул келишимдин эң

манилүү утушу эле. Себеби, Европадагы ар бир мамлекеттин өз аймагында суверенитетке ээ болуу, өз алдынча токтом кабыл кылуу, географиялык аймагында суверенитетти ишке ашыруу жана өз иштерине бшкалардын аралашуусуна жалаң өзүнүн урухсаты менен гана жол берүү укугу таанылды. Биринчи дүйнөлүк согуш Усманий Халифалыктын о.э. Австрия-Венгрия жана Россия империяларынын кулашына себеп болду. Натыйжада, Европада көп сандагы улуттук мамлекеттер пайда болду. О.э. АКШ чоң экономикалык жана аскерий кубатка ээ болду. Россияда большевиктер төңкөрүшү ийгиликтүү болуп, СССР географиялык жактан табигый экономикалык байлыктар менен майданга чыкты. Чыгыш Азияда Япония күчтүү өнөр жай жана экономикалык базага, чабуулчу аскерий кубатка негизделген улуу күч катары пайда болду... Булардын бардыгы көп уюлдуу тартиптин пайда болушуна алып келди. Мамлекеттер ортосундагы күчтүү атаандаштык 1939-жылдан 1945-жылга чейин созулган экинчи дүйнөлүк согушка алып келди. Кийин биполярдык (эки уюлдуулук) түшүнүгү пайда болду. Башка күчтөр майдандан четтеши менен АКШ жана СССР жаңы дүйнө тартибине өкүмдарлык кылуучу күч катары майданга чыгышты. Ошентип, ушул жаңы дүйнө тартиби негизинде дүйнө эки лагерге: АКШ башчылыгындагы капиталисттик лагер жана СССР башчылыгындагы социалисттик лагерге бөлүп башкарылды. Андан соң, Берлин блокадасы (1948-1949), Корея согушу (1950-1953), Вьетнам согушу (1956-1975) жана Кариб кризиси сыяктуу бир нече эл аралык кризистерге күбө болгон суук согуш башталды. Ошол убакта дүйнө адамзатты жок кыла турган, жердеги жашоону белгисиз тарапка сүрүп жибере турган үчүнчү дүйнөлүк ядролук согуш жана СССРдин (1979-1989)-жылдарда Афганистанга бастырып киргени турганын сезди... Өткөн кылымдын сексенинчи жылдарынын аягы жана токсонунчу жылдардын башында СССРдин президенти Михаил Горбачёв 1991-жылы СССР кулаганын жарыялап, эл аралык майдандагы жетекчиликти АКШга калтырды. Ошентип, Америка дүйнөдөгү жалгыз кудуреттүү мамлекетке айланды.

– Хижрий 1444-жылы 6-ражаб, миладий 2023-жылы 28-январдагы Уммат иштери **«Исламда мамлекет формасы жана башкаруу түзүмү... Күмөн жана раддиялар»** деген даъват дастуру.

– Хижрий 1444-жылы 7-ражаб, миладий 2023-жылы 29-январдагы **«Рошид Халифалык Махдийди күтүп турбайт!»** деген даъват дастуру.

– Хижрий 1444-жылы 12-ражаб, миладий 2023-жылы 3-февралдагы **«Кыйынчылыктар акыйкаттарды көрсөтүп коёт, демек, өкүмдарларыңардын жүзүн тааныгыла!»** деген жума хутбасы.

– Хижрий 1444-жылы 12-ражаб, миладий 2023-жылы 3-февралдагы **«Маъруфка буюруп, мункардан кайтаргыла, диниңерди сактап каласыңар!»** деген жума хутбасы.

– Хижрий 1444-жылы 9-ражаб, миладий 2023-жылы 32-январь **«Эмне үчүн кээ бир исламийлер Халифалык кайтышын каалабай жатышат?!».**

– Ошентип, Хизб ут-Тахрир Борбордук маалымат бөлүмү өзүнүн **«Халифалык кандай тикеленет?»** деген кампаниясын хижрий 1444-жылы 27-ражаб, миладий 2023-жылы 18-февраль күнү кечинде жыйынтыктоочу конференция менен аяктады. Конференцияны Хизб-ут-Тахрир амири ачып берди. Анын сөзүн Ал-Ваъйдын мына ушул санында бердик. Кийин бир катар даъватты жеткирүүчү устаздар (Хизб-ут-Тахрир – Ливан вилаятынан Ахмад Косос, Хизб-ут-Тахрир – Иордания вилаятынан доктор Мухаммад Малкавий, Хизб-ут-Тахрир – мубарак Фалестин жеринен шейх Юсуф Мухараза, Хизб-ут-Тахрир Борбордук маалымат бөлүмүнүн раиси мухандис Салахиддин Азаза, Хизб-ут-Тахрир – Ливан вилаятынын расмий сүйлөөчүсүнүн жардамчысы устаз Мухаммад Жаами) Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Исламий Халифалык мамлекетин кайра тикелөөнүн шаръий тарыйкатын ачыктап берүүчү темаларды баяндап беришти.

**Роя гезиити:**

– Роя гезити: **«Ражаб айы! Ал кандай окуяны эстетет? Кайсы каргашаны каралайт? Кандай амалды улуулайт?».** Хижрий 1444-жыл, 17-ражаб, миладий 2023-жыл, 8-февраль.

– Роя гезити: **«Мисир муфтийи пайдасыз фатвалары менен Халифалыктын фарз экенин инкар кылып, аны кайра тикелөөгө аракет кылып жаткандарга каршы күрөшүп жатат».** Хижрий 1444-жылы 17-ражаб, миладий 2023-жыл 8-февраль.

– Роя гезити: **«Эл аралык күрөш жана согуштар (Батыштын жырткычтыгы о.э. Исламдын рахматы)».** Хижрий 1444-жылы 17-ражаб, миладий 2023-жыл 8-февраль.

– Роя гезити: **«Бангизаттар – бу согуш, Ислам менен гана жеңишке жетебиз».** Хижрий 1444-жыл 17-ражаб, миладий 2023-жыл, 8-февраль.

– Роя гезити: **«Даъватка нусрат берүүдөгү жана Халифалык мамлекетин тикелөө үчүн аракет кылуудагы аял кишинин ролу».** Хижрий 1444-жыл, 24-ражаб, миладий 2023-жыл, 15-февраль.

Акыркы дубабыз: ааламдар Роббиси Аллахка мактоолор болсун. ❑

## ПАЙГАМБАРЛЫК МИНХАЖЫ НЕГИЗИНДЕГИ ХАЛИФАЛЫК – РАСУЛУЛЛАХ ﷺДЫН БАШАРАТЫ! БҮГҮН – АНЫН УЧУРУ! ХИЗБ УТ-ТАХРИР - АГА ДАЪВАТ КЫЛЫП ЖАТКАН ЖАЛГЫЗ ПАРТИЯ

**Ахмад Махмуд**

Имам Ахмад өзүнүн «Муснад»ында Нуъман ибн Баширдин Хузайфа ибн Ямандан риваят кылган хадисин келтирет:

«تَكُونُ النُّبُوَّةُ فِيكُمْ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةٌ عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا عَاضًّا، فَيَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ يَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ مُلْكًا جَبْرِيَّةً، فَتَكُونُ مَا شَاءَ اللهُ أَنْ تَكُونَ، ثُمَّ يَرْفَعُهَا إِذَا شَاءَ أَنْ يَرْفَعَهَا. ثُمَّ تَكُونُ خِلاَفَةً عَلَى مِنْهَاجِ النُّبُوَّةِ. ثُمَّ سَكَتَ»

**«Силердин араңарда Аллах каалаганча пайгамбарлык уланат. Кийин Аллах каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин зордукчул падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин жабыр көрсөтүүчү залим падышалык болот жана ал Аллах каалаганча турат. Кийин Аллах Өзү каалаганда аны көтөрөт. Кийин пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык болот».** Андан соң, Пайгамбар ﷺ сүкүт кылды».

Расулу акрам ﷺ ушул хадиси шарифте Ислам Умматы Кыяматка чейин ушул рисаласы менен калышы, Расулуллах ﷺ заманынан тартып, Кыямат күнүнө чейин түрдүү доорлорду басып өтүшү жөнүндө кабар берип жатат. Т.а. оболу Пайгамбарлык, андан кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык, андан кийин зордукчул падышалык, андан кийин залим падышалык, андан кийин Пайгамбарлык минхажы негизиндеги Халифалык доору болорун кабар берүүдө... Пайгамбарлыктын далилдеринен эсептелген бул хадистин акыркы баскычынан тышкары бардык баскычтары жүзөгө чыгып бүттү. Биз бүгүн ошол акыркы баскычына жетүү алдында турабыз. Биз Аллахтын урухсаты менен залим башкаруудан рошид Халифалыкка өтүү доорундабыз деп айтсак болот. Убада кылынган рошид Халифалык баскычына жетишибизге аз калды. Биз Расулуллах ﷺдын хадисине толук ишенебиз. Себеби, ал вакиъде баскыч-баскыч өз тастыгын табууда. Окуялардын өнүгүшү ушуну анык көрсөтүп турат – азыркы өзгөрүүлөр башка багытка эмес, Расулуллах ﷺ кабар бергендей, рошид Халифалык мамлекетинин тикелениши тарапка

баруудa. Буга мусулмандар күбөлүк бергендей, Ислам душмандары да топтолуп күбөлүк беришүүдө. Мунун бир нече белгилери бар, аларды айтып өтөбүз:

**Биринчи:** жер жүзүндө мабдаий хизб т.а. Хизб-ут-Тахрир алып барып жаткан олуттуу даъват бар. Хизб түзүлгөн күндөн баштап рошид Халифалыкты тикелөө вазыйфасын өз мойнуна алган. (Бул Хизб мусулмандардын Халифалыгы кулагандан отуз жыл өтүп түзүлгөн жана болжол менен жетимиш жылдан бери ушул вазыйфаны аткарып келүүдө. Мусулмандардын жашоосунда Халифалык жок болгондон тарта жылдардын жалпы саны – бир кылым). Бул Расулуллах ﷺдын ушул хадисине ылайык келет деп үмүт кылып калабыз. Ал мындай деген:

«إِنّ اللّهَ يَبْعَثُ لِهَذِهِ الأُمّةِ عَلَى رَأْسِ كُلّ مِائَةِ سَنَةٍ مَنْ يُجَدّدُ لَهَا دِينَهَا»

**«Аллах Таала бул Уммат үчүн ар жүз жылдын башында динин жаңылай турган кишини берет»**. (Абу Давуд риваяты). Хизб-ут-Тахрир узакка созулган сабырлардын артынан бел байлаган ишинде бекем турушун далилдеди. Анткени, ал өз фикирлерин бекем кармоодо сабыр кылды. О.э. анын вазыйфасынан жана максатынан буруу үчүн кылынган басымдарга, колдоочулардын аздыгына, азарларга жана жамандаган үгүттөргө сабыр кылды... Хизб Умматтын бир бөлүгү болгону үчүн ушуну айта алабыз: Уммат Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык доорундагы сыяктуу нукура Ислам менен башкаруу жөндөмүнө ээ Умматка айланды.

**Экинчи:** Хизб-ут-Тахрир өз фикир жана максаты менен Уммат ичине кирүүгө жетишти. Бүгүнкү күндө Хизбди мусулмандар менен бириктирип жаткан нерсе – режимдерди өзгөртүү каалоосу. Мусулмандар өкүмдарларга каршы козголуп муну ырасташты. Козголоңдордо «Калк режимди өзгөртүүнү каалайт» деген ураан эң көзгө көрүнгөн ураанга айланды. Бул болсо, Хизбдин Уммат арасындагы иш-аракеттери өз жемишин бергенин көрсөтүүдө. Себеби, Хизбдин фикраты Уммат фикратына жана анын максаты Умматтын максатына айланды. О.э. Уммат Пайгамбарлык минхажы неизиндеги рошид Халифалыкты тикелөө үчүн өзгөртүүгө умтулууда.

**Үчүнчү:** Батыш да Уммат Исламий Халифалыкты тикелемекчи экендигине толук ишенди. Муну батыштык жетекчилер жана муфаккирлердин Халифалыктын кайра тикеленишинен эскертүүлөрү о.э. Халифалыктан кооптонуп жатышканы тастыктап турат. Бул, жогорку даражалуу саясатчылар жана дүйнө жетекчилери (Буш, Путин, Рамсфельд, Саркози, Блэр жана башкалар) тарабынан айтылган билдирүүлөр. Мисалы, Россия тышкы иштер министри жана

көз жумган Сирия тышкы иштер министри Валид Муаллим бир нече жыл мурун «Шамдагы козголоңдор Халифалыкты тикелөөгө карай бара жатканы» жөнүндө билдирүү беришкен. Төмөндө эки мамлекеттин жетекчисинин жана америкалык абройлуу саясатчынын билдирүүсүн келтирүү менен чектелебиз. Россия президенти Путин 2002-жылы декабрь айында мындай билдирүү берген: «Эл аралык терроризм Россиянын бир бөлүгүн бөлүп алып, ал жерде Исламий Халифалыкты тикелөө максатында Россияга каршы согуш жарыялады»... Ислам жана Исламий Халифалык долбоорунун касташкан душмандарынын бири Британиянын мурунку премьер-министри Тони Блэр 2005-жылы 16-июлда Жумушчулар партиясынын жалпы жыйынында мындай деген: «Биз (израиль) мамлекетин кулатууга, Батышты исламий өлкөлөрдөн чыгарууга жана жалпы исламий уммат үчүн Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу исламий шарият менен өкүм жүргүзө турган исламий мамлекетти тикелөөгө умтулуп жаткан кыймыл менен кагылышып жатабыз». Республикачылар партиясынан сенатор Патрик Бьюкенен мындай билдирүү берди: «Исламдын жашоо түзүмү катары кайтышы убакыт гана маселеси... Чындыгында, Америка өз армиясы жана арсеналдары менен бул тарыхы узун хазаратка каршы күрөшө албайт. Себеби, Исламдын кадамы бекемдиги жана чыдамы чындыгында элес калтырган. Ислам эки кылымдык согуштарда туруштук берип, ал тургай, коммунизмге каршы оңойлук менен күрөшкөн... Бүгүн болсо ал дүйнөдөгү эң чоң күч болгон Америкага каршы согушуп жатат».

Америка Халифалыктын тикеленишине тоскоолдук кылуу үчүн Батыш мамлекеттери менен биргеликте Афганистан жана Иракты басып алды. Түрдүү мусулман калктар бир Исламий Халифалык мамлекетинде биригишине жол бербөө үчүн улутчулдук, мазхабчылык жана этникалык чыр-чатактарды козутуу үстүндө иштеди. О.э. өзүн халифалык мамлекети катары көрсөткөн ИШИМдин кылмыштарынан пайдаланып, Халифалык мамлекетинин идеясын бузуп көрсөтүү үчүн аракет кылды. Бул орунда Америка СССР кулагандан кийин саясий Исламды биринчи душман деп ачык жарыя кылганын айтуунун өзү жетиштүү. Ал Халифалык мамлекетинин кайра тикеленишинен жана эл аралык күрөш майданына кайтышынан коркуп жатканы үчүн гана бул иштерди жасады.

Бул жана башка окуялар абал башка тарапка эмес, Расулуллах ﷺ айткандай, рошид Халифалык мамлекетин тикелөөгө карай гана бара жатканына далалат кылат. Бул болсо, Хизб-ут-Тахрир өз даъватында ийгиликке жетишкенинен кабар берет. Хизб кече Аллах Өз Расулу ﷺга нусратты толук кылгандай, бүгүн да нусрат берүү аркылуу өз

жардамын толук кылышын күтүп турат. Албетте, Аллах буга кудуреттүү.

**– Учурда, Ислам Умматын аянычтуу жашоосунан, кайрымусулмандарды кафир жана Батыштын бузгунчу капиталисттик идеологиясынын сыйыртмагынан чыгарууда жалгыз үмүт эсептелип жаткан Хизб-ут-Тахрир кандай хизб?!**

Хизб Уммат башынан өткөрүп жаткан кризис Батыш идеологиясынын кирип келиши жана анын турмуш жөнүндөгү түшүнүктөрүнүн жайылышы натыйжасында өтө катаал түс алганын, бул болсо Умматтын өздүгүн жана шахсиятын жоготушуна алып келгенин, эрк жана бийликте Батышка моюн сунууга мажбур кылганын о.э. Исламдан алыс башкарылышын жеңилдеткенин түшүнүп жетти... Хизб Батыш кантип мусулман өлкөлөрүн бир нече мамлекеттерге бөлүп, аларга Уммат акыйдасына тескери илманий конституциялар түзүп бергенин түшүнүп жетти... О.э. Хизб Батыш мусулмандарга кантип бузгунчу өкүмдарларды дайындаганын, алар аркылуу Умматтын байлыктарын талап-тоноо, алардын таасиринен чыкмакчы болгон ар кандай калыс аракетти бастыруу жана алдын алуу үчүн бул өкүмдарларды сакчы кылып койгонун, натыйжада алар кафирлердин колундагы уу канжарга айланганын түшүнүп жетти. Мындан тышкары, Батыш өзүнүн уу идеологиясы аркылуу Уммат идеологиясына таасир өткөрүү о.э. Умматты өзүнүн нукура түпкү идеологиясына кайтышына жол бербөө үчүн кантип фикирий малайлар армиясын жаратканын түшүнүп жетти. Ооба, Хизб дагы ушуларды түшүнүп жетти – Батыш динди ибадат жана ахлакка чектөөгө негизделген өз идеологиясынын кызыкчылыгы үчүн мусулмандарды туура түшүнүктөн чалгытууга багытталган диний таълим программасын кабыл алдырууга да жетишип, шарияттын талаптарын Батыш түшүнүгү негизинде өздөштүргөн уламаларды даярдап чыгарды.

Хизб мусулмандар жашап жаткан жашоо таризи Батыштын жашоо таризине жакындашып калганын, Батыш мусулман өлкөлөрүндө улутчулдук, мекенчилдик жана илманийлик менен суугарылган партияларды пайда кылганын көрдү... О.э. Батыш идеологиясына берилген, Кыямат күнү эч кандай пайда бербей турган мансап жана кызматтар үчүн ар кандай абалда Умматка каршы күрөшүүгө даяр армия офицерлеринен турган күч-кубат ээлерин өкүмдарлардын колуна тапшырганын көрдү... Хизб бүгүнкү саясий, экономикалык, аскерий, маалымат жана фикирий абал мыкты пландалып, Батышка бекем байлап коюлганын көргөн соң, өз аракети төмөнкүдөй болушу керектигин түшүндү. Т.а. Умматты өз динине туура жол менен кайтарууга каратылган аракет Аллах Тааланын:

﴿فَمَن يَكْفُرْ بِٱلطَّٰغُوتِ وَيُؤْمِنۢ بِٱللَّهِ فَقَدِ ٱسْتَمْسَكَ بِٱلْعُرْوَةِ ٱلْوُثْقَىٰ لَا ٱنفِصَامَ لَهَا ۗ وَٱللَّهُ سَمِيعٌ عَلِيمٌ﴾

***«Демек, ким тогуттан жүз үйрүп, Аллахка ыйман келтирсе, ал эч качан ажырап кетпей турган бекем тутканы кармаган болот. Аллах угуучу, билүүчү»*** [2:256]

деген аят каримасына жандашып, Умматты тогут Батыштан жүз үйүрүүгө даъват кылуудан, Умматты ушул байланыштан азат кылууга аракет кылуудан турушу керек. Ошондуктан, анын аты Хизб-ут-Тахрир (азаттык партиясы) деп аталып, өз денесине ылайык болду. Хизб Батыш идеологиясынан таптакыр таасирленбей нукура исламий сакафатты табанний кылды. Батыштын идеологиясынын тузагына түшүп калуудан бир нече исламий муфаккирлер эле кутулуп калды. Жамаат жана хизбдерге келсек, алардын эч бири кутула албады. Хизб өз сакафатын ушундай негизге курду, Ислам акыйдасын турмуш максаттары курула турган жана чечимдер алына турган негизге айлантты. Мындай жандашуу Ислам идеологиясынын Батыш идеологиясы менен жакындашуусуна о.э. Ислам хазараты менен Батыш хазаратынын өз ара таасирленишине орун калтырбайт. Себеби, алардын экөөсү тең бири-бирине карама-каршылыкка негизделген... Хизбдин бул жандашуусу Батыштын мусулмандарга өкүмдарлык кылуу о.э. фикирий жана саястий колония кылуу жараянын жеңилдетүү үчүн «Ислам Батыш идеологиясына туура келет» деп жүргүзүп жаткан алдамчылык аракеттерин токтотту. Ушул көз караштан алганда, Хизб демократия, жалпы эркиндиктер о.э. суверенитет жана бийлик түшүнүктөрүн талкуулап, илманий идеология, илманий түзүм жана илманий конституцияны бүткүл тафсилаты менен жокко чыгарды... Мусулмандар өз динин билишкендей, алардын үстүнөн мажбурий орнотулган куфрдан да кабардар болушту. Батыштын турмуш жөнүндөгү фикир жана түшүнүктөрү мусулмандардын жашоосунан, фикирлеринен жана жүрөктөрүнөн сууруп чыгарылыш керек. Демек, Хизб сакафатынын характери өзгөртүү болуп, эч бирер нерседе вакиълик менен келишпейт.

Хизб-ут-Тахрир негизделген жана аракетинин рухуна айланткан сакафатты Хизбдин максаты белгилейт. Т.а. Хизб өз аракетинде илим жана амал жагынан зарыл болгон шаръий өкүм жана фикирлерди табанний кылды. Хизб буларды ижтихад жолу менен табанний кылып, алардын көпчүлүгүн Хизб негиздөөчүсү мужтахид аалым, казы Такыйюддин Набаханий (рахимахуллах) истинбат кылган. Ошондуктан, Хизбдин сакафаты Халифалык мамлекетин тикелөөгө каратылган кеңири көлөмдүү бекем сакафат болду. Бул жерде айтыла турган эң маанилүү нерсе Хизб убада кылынган Халифалык мамлекети

дастуру долбоорун даярдагандыгы болсо керек. Хизбдин сакафаты өз мүчөлөрү үчүн адамдарга жетекчилик кылууда зарыл болгон даъват сакафаты о.э. мамлекетти ушул сакафаттан нур алып, аракеттендире турган мамлекет сакафаты болду. Демек, Хизб терең тафаккур жолу менен калыптанган жалгыз жамаат. Ушул терең тафаккур жол Хизбди Уммат проблемасын тунук түшүнүүгө, ойгонуу жана өзгөрүү акыйкатын түшүнүүгө, Пайгамбарыбыз ﷺдын сийратын ташриий жана амалий жактан түшүнүп жетүүгө о.э. өлкөлөрүбүздөгү өкүдар режимдердин маңызын, коомдун вакиълигин, мамлекеттин маанисин жана бийликтин вакиълигин билүүгө алып келди.

Хизб Расулуллах ﷺдын Мадинада Ислам мамлекетин тикелөө үчүн Меккеде карманган тарыйкатын табанний кылып, изме-из ушул тарыйкатты ээрчиди. Расулуллах ﷺ ишке ашырган жана алар аркылуу исламий мамлекетти тикелеген (мисалы, **борборлошкон сакафат, жамаий сакафат, фикирий жана саясий күрөш** сыяктуу) иштерди кылды. О.э. Расулуллах ﷺ басып өткөн баскычтарды басып өттү. Алардын биринчиси **сакафат берүү баскычы.** Бул баскычта Хизб акылдары жана нафстары идеология менен азыктандырылган момундарды жетиштирип чыгарды. Алар жалганчыга чыгаруу, кыйноого салуу, куугунтуктоо, үгүттөө жана өлтүрүү сыяктууларга сабыр кылып аракет кылышты. Кийинкиси **тафаул (таасир өткөрүү)** баскычы. Бул баскычката фикир жана туура эмес түшүнүктөргө каршы ашкере күрөш алып барылган баскыч болуп, Хизб мында өзү кабыл алган түшүнүк жана идеялар Уммат тарабынан кабыл алынышын максат кылат. Белгилүү болгондой, Расулуллах ﷺ бул баскычта өз аракетине күч-кубат ээлеринен нусрат талап кылууну кошкон. Аллах Таала ага узакка созулган кыйынчылык жана сабырдан кийин нусрат ээлерин тартуулады. Ошентип, Пайгамбар алайхиссаламга Аллах Таала буюргандай калыс Аллах үчүн болгон нукура таза нусрат келди. Расулуллах ﷺ күч-кубат ээлерине нусраттын акысына бейишти гана убада кылган. Үчүнчүсү, **бийликти колго алуу** баскычы – бул нусрат ээлери бийликти колго алып, Хизбге тапшыруудан турган шаръий милдеттерин аткарышына байланыштуу баскыч. Хизб рошид Халифалыкты тикелөө аркылуу Аллахтын адилеттүү башкаруусун тикелеши керек... Күч-кубат ээлеринин вазыйфасы аскерий болуп, даъватка жардам берүү жана аны коргоо. Даъват ээлеринин вазыйфасы болсо саясий болуп, бул нерсе башкаруу жана Халифалык мамлекетин тикелөө аркылуу Уммат иштерин Ислам менен башкарууда көрүнөт...

О.э. Хизб анын мүчөлөрү келечекте Халифалык мамлекетинин жетекчилери болушу үчүн аларды ушул вазыйфаны аткарууга даярдоо тарыйкатын табанний кылган. Ушул орунда айтып өтсөк, Хизбдин ар бир мүчөсүн Хизбге кошулууга үндөгөн нерсе анын Аллахка болгон бекем ыйманы о.э. андагы Исламдын айрым жузъияттары менен алек болуу же анын айрымдарын аткарууга эмес, толук тикелөөгө болгон умтулуу... Хизб мүчөлөрү даъватты ашкере алып барып, даъватта Расулуллах ﷺ ачык жана чабуулчул рухта жүргөндөй жүрүшү аларды Расулуллах ﷺ жана ал кишинин сахабалары Меккеде туш болгон азап-кыйынчылыктарга дуушар кылды. Хизб мүчөлөрүнүн бул азап-кыйынчылыктарга сабыр кылууга үндөгөн нерсе – Аллахка болгон калыс ыйман жана жамаий аракет натыйжасында пайда болгон ыйманий мухит. Демек, кимде-ким бул даъваттын кыйынчылыктарын, андагы үмүт жана убакыттын узундугун түшүнүп жетсе, андан адатта адамдар арасында учурабаган терең дем алып, аракет кылуу талап кылынып жатканын түшүнөт. Адамдар Хизб фикирлерин умумий түрдө алуу менен чектелишет. Хизбге болсо Расулуллах ﷺдын, Меккеде аны менен бирге болгон биринчи сахабалардын жолунда жүрүүгө ыраазы болгондор гана мүчө болот. Анткени, ушул биринчи сахабаларды бириктирген нерсе насил да, тек да, ижтимаий мартаба да болбогон.

Ошентип, ушул мумин топ акыбет кандай болушуна карабастан, Аллахка итаат кылууну, хадисте келгендей, уруулардан бөлүнүүнү тандады. Бул уруулардан бөлүнгөн кишилер Халифалык мамлекетин тикелөө жана бул иштин кыйынчылыктарына сабыр кылуудан турган Аллах Тааланын буйругун аткаруу жолунда бир дене-бир жан болушту. Хизбдин үлгү алуу маселесиндеги жолу мына ушундай болду. Башка жамаат жана топтордо муну бүтүндөй көрбөйбүз. Ушул себептен улам, биз толук ишеним менен айта алабыз, Уммат арасында өзүнүн узун даъватында Аллахтын жардамы менен бул ишти толук ишке ашырууга өзүн даярдаган Хизб бар. Уммат Хизб жана анын аракети канчалык маанилүү экенин түшүнүшү керек. Уммат перзенттери арасындагы күч-кубат жана нусрат ээлери Хизбдин даъватына нусрат-жардам бериши жана Хизб аларды издегендей алар Хизбди издеши керек. Себеби, Халифалыкты тикелөө үчүн аракет кылуу бардыгына фарз болуп, бардык мусулмандар аны менен алектенүүлөрү зарыл. Күч-кудурет ээлеринен болгон ар кандай адам ага жардам берүүгө шашылбаса, күнөөкөр болот.

Хизб-ут-Тахрир Халифалыкта көөдөлөнгөн Ислам түзүмүн тикелөөгө даъват кылып, адамдарды Куръан жана Сүннөт менен өкүм жүргүзүүгө, мусулман өлкөлөрүн бир мамлекет т.а. Халифалык мамлекетинде кайра бириктирүүгө, эч кандай айырма болбогон

мусулман боордоштукка чакырууда. Хизб адамдарды аларга кафирлер өкүмдарлык кылышына жол бербөөгө, жихадды тирилтүүгө, өлкө жана жүрөктөрдү фатх кылууга, адамдарды Аллахтын динине топ-топ кылып киргизүүгө о.э. улутчулдук, текчилдик жана мазхабчылык сыяктуу Исламда талкалоого буюрулган жана Расулуллах ﷺ буттары астына ташталган жахилият түшүнүктөрүн четке кагууга чакырууда. Муну менен бирге, бир исламий уммат түшүнүгүн тирилтүүгө, өзгөрүү жасоо үчүн бир саясий жетекчиликти пайда кылууга, Умматтын исламий өздүгүн кайтарууга, кафирлерди талкалап, алардын жашоо жөнүндөгү түшүнүктөрүн вакиълигинибизден чыгарууга чакырууда.

Хизб-ут-Тахрир мына ушундай түшүнүккө ээ болуп, Расулуллах ﷺдын өзгөртүүдөгү сийратына бекем амал кылат. Ушул себепен улам, анын аракети Умматты жандандыруу жана динди жаңылоо болду. Кылып жаткан даъватын ахлакка, фазилаттуу амалдарга, бидъаттарга каршы күрөшүүгө, согушууга жана жакырларга жардам берүүгө караткан жок. Тескерисинче, анын даъваты кеңири көлөмдүү болуп, толук Исламга чакыруу болду. Чындыгында, Хизб мабдаий топ болуп, анын долбоору дүйнөлүк. Анын бул долбоору Халифалык аркылуу мусулмандардын биримдигин кайра тикелөөчү дүйнөлүк мамлекетти тикелөөгө каратылган. Ушуга ылайык, Аллах Тааладан Расулуллах ﷺдын Пайгамбарлык минхажы негизиндеги рошид Халифалык жөнүндөгү башаратын биздин заманыбызда жана биздин даъватыбыз аркылуу жүзөгө чыгарышын сурайбыз.

Ислам гана хак, Халифалык гана чечимге ээ жана Хизб-ут-Тахрир гана Халифалыкты тикелөөгө аракет кылууда. Хизб бийликке жетпесе, Аллах буюрган башкаруу адамзатка жетекчилик эмес, адам башына түшүп жаткан бүгүнкү элестетип болгус деңгээлге жетет. Адамдар Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштардын каргашаларын унутушкан жок. Эгер, бүгүн ошол кырсыктар кайталанса, мурдагылардан да коркунучтуу болот. Себеби, учурда куралдар өнүгүп, дагы да массалык кыргын абалына келген... Америка, Европа жана Россия сыяктуу Батыш мамлекеттери, аларды ээрчиши күтүлүп жаткан Кытай жана Индия мамлекеттери бири-бирине тозок эшиктерин ачууга киришишти. Балким, Аллах Таала аларды бизден кайтарып, мусулмандардан чалгытар о.э. аларды бири-бири менен кыйратып, Өзүнүн нусрат убадасын бизге жүзөгө чыгарып берер.

Хизб жана анын мүчөлөрү Аллахтын убадасына өтө жакын болгон үмүттүү доордо жашап жатат. Аллахтын убадасы абдан жакындашып калды, Хизб жана анын мүчөлөрү анын белгилери көрүнүп жатканын, ал тургай, кол сунса жете турган аралык калганын, Аллах белгилеген убакыт кирип келгенин сезишүүдө. Ошондуктан, биз Аллахтын ушул

даъватка нусрат беришине кадыржамбыз. Аллах Таала бүткүл дүйнөдөгү абалды Исламий Халифалык мамлекетине муктаж кылып койгону жетиштүү эмеспи?

**Эй мусулмандар!**

Диниңер дүйнөнү башкарууга акылуу экенине ишенимиңер күчтүү болсун. Аллах Таала айтат:

﴿أَفَحُكۡمَ ٱلۡجَٰهِلِيَّةِ يَبۡغُونَۚ وَمَنۡ أَحۡسَنُ مِنَ ٱللَّهِ حُكۡمٗا لِّقَوۡمٖ يُوقِنُونَ﴾

***«Динсиздик өкүмдар болуусун каалашабы, ыйманы бекем коом үчүн Аллахтан да чырайлуу өкүм кылуучу ким бар?!»*** [5:50]

Аллахтын нусрат жөнүндөгү убадасына болгон ыйманыңар Расулуллахтын Бухарий риваят кылган хадисиндеги антынан келип чыксын:

«وَاللَّهِ لَيُتِمَّنَّ هَذَا الْأَمْرَ حَتَّى يَسِيرَ الرَّاكِبُ مِنْ صَنْعَاءَ إِلَى حَضْرَمَوْتَ لَا يَخَافُ إِلَّا اللَّهَ أَوْ الذِّئْبَ عَلَى غَنَمِهِ»

**«Аллахка ант болсун, албетте Аллах бу ишти акырына жеткирет. Мына ошондо Санъадан Хазрамавтка жол алган атчан эч нерседен коркпостон беймарал барат. Ал Аллахтан ва кйолорун карышкыр жеп кетишинен гана коркот. Силер болсо шашып жатасыңар».**

**Эй мусулмандар!**

Албетте, Халифалык долбоору улуу саясий долбоор болуп, ал Хизб-ут-Тахрирдин долбоору. Хизб ал аркылуу саясат, башкаруу түзүмү, эл аралык алакалар, согуш жана тынчтык, иштерди башкаруу, жарандын жашоо таризи сыяктуу турмуштун бардык тармактарында бүткүл жер жүзүн өзгөртүүгө даярданууда... Халифалык аркылуу жакында дүйнө өзгөрүп, Ислам өкүмдөрү кайра турмушка кайтат. ❑

# РАМАЗАН ТАКВАЛЫКТЫН ЖАНА ОЙГОНУУНУН АЙЫ

**Шаъбан Муаллим**
**Хизб ут-Тахрирдин Keниядагы маалыматтык өкүлү**
**(котормочу)**

Аллах Таала Ислам Умматына чексиз неъматтарды ыроологон жана алардын арасынан эң улуусу мубарак Рамазан айы. Бул айда жарык тийген жердин бетин Аллахтын ырайымы жана берекеси чулгап, мусулмандар өздөрүнүн ой толгоолорун жана дене мүчөлөрүн маддий азыктардан тыюу аркылуу руханий азыктарга ашыгышат. Маддийлик (матреиализм) үстөм болгон бул заманда адамзаттын жүрөгү мээримдүүлүк, боорукердик жана ырайымдуулук деген сезимдерге чаңкап, зарыгып жашап калды. Турмушубузду туш тарабынан тороп алган майнапсыз маддийлик түзүмү адамдарды дене рахаттарына батуу менен бактылуулук издөөгө мажбурлап, рухий рахаттардын кадыр-кыйматын жокко чыгарып барууда. Жүрөктү өйгөнү, маддий өнүгүүнү жетишкендиктин туу чокусу деп санаган бүгүнкү коомдо иш-амалдарыбыздын акыбет-жообу болорун, ошондой эле, эгесиз ээн-эркиндиктин эртеңки эсеби, башкаларга тиер кесири болорун ойлоно албай калдык.

Мусулмандар – Аллах Таала жалпы адамзат үчүн чыгарган эң жакшы Уммат. Бул туурасында Аллах Таала Өзү мындайча кабар берген:

﴿كُنتُمۡ خَيۡرَ أُمَّةٍ أُخۡرِجَتۡ لِلنَّاسِ تَأۡمُرُونَ بِٱلۡمَعۡرُوفِ وَتَنۡهَوۡنَ عَنِ ٱلۡمُنكَرِ وَتُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِۗ﴾

*«(Эй Мухаммаддын үммөтү),* ***силер адамдар үчүн чыгарылган үммөттөрдүн эң жакшысы болдуңар. Анткени силер жакшы иштерге буюрасыңар, жамаан иштерден кайтарасыңар жана Аллага ыйманкелтиресиңер».*** [3:110]

Рамазан айындагы орозо коомдо биримдикти, ынтымакты жана Аллахтын алдындагы теңдикти бекемдейт. Орозодо коомдогу адамдардын деңгээлин теңдешип, бир учурда бир ибаддаты бир көрүнүштө аткаруу менен мусулмандардын руху жана бири-бири менен болгон байланыштары күчөйт. Аллах Таала орозону таквалыкты күчөтүүгө байлап койгон. Бул туурасында Ал Азза ва Жалла мындайча кабарлайт:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُواْ كُتِبَ عَلَيۡكُمُ ٱلصِّيَامُ كَمَا كُتِبَ عَلَى ٱلَّذِينَ مِن قَبۡلِكُمۡ لَعَلَّكُمۡ تَتَّقُونَ﴾

***«Эй момундар, силерден мурдагыларга парз кылынганы сыяктуу, силерге да такыбаа болушуңар үчүн саналуу күндөрдө орозо кармоо парз кылынды».*** [2:182]

Турмушубузду тушап турган бүгүнкү капиталисттик түзүм мына ушул таквалыктан кол жууган. Анын таасиринен улам, тилекке каршы, көчүлүк мусулмандар бул таквалыктын айы болгон мубарак Рамазанды дүйнө-акырет үчүн пайдасыз болгон сөздөр жана иштер менен коротуп жатышат. Либералдык маалымат булактары бул айда өздөрүнүн бузуку сериалдары жана оюн-зоок программалары аркылуу бизди таквалыктан алаксытышууда. Жыл сайын Рамазан айы мына ушул өңүттө өтүп кетип, биз мусулмандар Роббибиздин алдындагы ката-кемчиликтерибиз тууралуу ойлонууга да жетишпей калып жатабыз.

Бүгүнкү күндө мусулмандардын жетекчилери аталып тургандар орозону жеп-ичүүдөн гана тыйылуу деп түшүнүп калышкан өңдүү. Алар бул айда тамак-аштан тыйылышканы менен, өз өлкөлөрүндө нечендеген кандарды себепсиз төгүүдөн тыйылбай келишүүдө. Ал малай жетекчилер коомдук турмушту башкарууда таквалык дегенди эстеринен чыгарып коюшкан. Түпкүлүгүндө, биз мусулмандар турмуштун бардык тармактарында таквалыкты сакташыбыз керек эмес беле? Эгер жеке амалдарыбызда кылгандай эле, коомдук мамилелерибизде дагы таквалык кылганыбызда ааламдын баары мээримдүүлүккө толуп калмак, эчак эле. Анткени, түркөйлүк, карамүртөздүк жана бузукулук таквалыктын жоктугунан пайда болот эмеспи. Ислам – түбөлүктүү дин жана анын ахкамдары кыяматка чейин өзгөрүлгүс, туруктуу. Ислам ахкамдарына ылайык түрдө жашагандар ар качан таквалыктын жолуна болушуп, ак менен каранын айырмасын ажырата билишет. Аллах Таала айткан:

﴿فَٱتَّقُواْ ٱللَّهَ وَأَصۡلِحُواْ ذَاتَ بَيۡنِكُمۡۖ وَأَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَرَسُولَهُۥٓ إِن كُنتُم مُّؤۡمِنِينَ﴾

***«Демек, Алладан корккула жана өз ара мамилеңерди оңдогула! Эгер момун болсоңор, Алла жана Анын пайгамбарына моюн сунгула!».*** [8:1]

Эгер коомдо таквалык өкүм сүрсө, коом таквалыктын үстүнө курулса, коомдук мамилелер таквалыктын негизинде тартиптелсе жана коом таквалыктын аруу тонун кийсе бул коом эгемендүү, улуу коомго айланат. А бирок коомдук таквалык деген эмне? Ал кантип ишке ашат?

Рамазан адамдар үчүн хидаят болгон Курандын айы. Аллах Таала айтат:

﴿شَهْرُ رَمَضَانَ ٱلَّذِىٓ أُنزِلَ فِيهِ ٱلْقُرْءَانُ هُدًى لِّلنَّاسِ وَبَيِّنَٰتٍ مِّنَ ٱلْهُدَىٰ وَٱلْفُرْقَانِ﴾

***«Рамазан айы, бул айда адамдарга Туура Жол болуп, хидаят менен фуркандын** (акыйкат менен жалганды айырмалоочунун) **ачык-айкын аяттары болуп Куран түшүрүлдү».*** [2:185]

Аллах Субханаху ва Таалага чексиз шүгүрлөр болсун, Ал Курани Каримди кандай түшүргөн болсо, бүгүнкү күнгө чейин дүйнөнүн түрдүү булуң-бурчтарында ошол бойдон сактап койду. Расулуллах ﷺ жалпы ааламдарга ырайым болуп жиберилгени сыяктуу, Курани Карим дагы жалпы адамзатка хидаяттын, бактылуулуктун жолу болуп жиберилди. Бул китеп адамзаттын турмушундагы бардык тармактарды камтып алат жана бардык көйгөйлөргө чечим берет. Куран биздин ар бир күнүбүз үчүн туура жолдун далили. Курани Карим бурмалоодон жана өзгөртүүлөрдөн сактап коюлган. Аны сактоону Аллах Таала Өз жоопкерчилигине алган. Ал эми анда келген шаръий ахкамдар жана көрсөтмөлөр түрдүү аймактардан жана улуттардан турган жалпы дүйнө эли үчүн жарактуу. Аллах Таала айтты:

﴿وَمَآ أَرْسَلْنَٰكَ إِلَّا رَحْمَةً لِّلْعَٰلَمِينَ﴾

*«(Эй Мухаммад)**, чындыгында Биз сени бардык ааламдарга ырайым** (Аллахтын ырайымы-бейишке жетектөөчү) **кылып гана жибердик».***[21:107]

Курани Карим түшкөн кездеги сахабалардын иш-амалдарына көңүл бура турган болсок, алар аяттарды жаттоо менен гана убакыт өткөрүшпөгөнүн, балким аяттардын үстүндө ой жүгүртүү аркылуу фикирлерин жана амалдарын өзгөртүшкөнүн, ошондой эле, Куранга ылайык өздөрүн курчап турган вакыйлыкты, жада калса, бүтүндөй коомду өзгөртүшкөнүн көрөбүз.

Исламий Халифалык доорунда мусулмандар ар бир хукмду Куран менен сүннөттөн гана алышкандыгы себептүү адилеттүүлүккө, күч-кубатка жана өнүгүп-өсүүгө жетишти. Ал доордо ар кандай келишпестиктер жана көйгөйлөр адамдардын оюнан чыгарылган мыйзамдар менен эмес, Куран жана сүннөттөн алынган шаръий ахкамдар менен чечилип турган. А бүгүн, тилекке каршы, коомбузудагы бардык көйгөйлөр БУУнун токтомуна, ал орнотуп берген конституцияга жана анын негизинде өкүм чыгарган соттордун чечимдерине ылайык чечилип калды. Мыйзамдарыбыз Куран жана сүннөттөн алынбастан, конгресс жана парламент сыяктуу мыйзам иштеп чыгуучу комитеттер тарабынан орнотулуп калды. Халифалык доорунда мусулмандар капитализмди экономикалык түзүм катары кабыл алышкан эмес, алар 1300 жыл бою колдонулуп келген Исламий

экономикалык түзүмдүн негизинде жашашкан. Өлкөнүн ички жана тышкы саясаты Аллах Субханаху ва Таала түшүргөн ахкамдарга ылайык тартиптелген. Ошондуктан дагы, мусулмандар жашаган жерлердин бардыгы бир бүтүн мамлекет болуп турган. А бүгүнкү демократия өкүм сүргөн заманда мусулман өлкөлөрү майда-майда бөлүктөргө, мамлекетчелерге бөлүнүп, эгемендүүлүктөн кол жууп отурушат.

Акыйкатта, Рамазан айы жер бетиндеги жалпы мусулмандар үчүн жакшылыктын жана кубанычтын айы болушу керек эле. А бирок бүгүнкү күндө Ислам Умматынын каңырыгы түтөп, кан жутуп турат. Мьянмадагы, Сириядагы, Фалестиндеги жана Ямандагы мусулман боордошторубуз дагы деле тынч уйкуга, тоюмдуу ашка, бейпил турмушка жете албай, урандылар астында, асмандан жааган октордон жашынуу менен күн кечиришүүдө. Мусулмандар үстүндөгү мындай зулумдардын бирден-бир себеби турмушта Курандын татбик кылынбай жаткандыгында. Ислам Умматы мына ушудай азап чегип жаткан учурда, мусулмандарга адилеттүүлүктү жана тычтыкты орнотууга, ошондой эле, өтмүшүнө жана динине карабастан, жалпы инсанияттын сый-урматын, ар-намысын коргоо үчүн бирдиктүү аракет кылуубуз зарыл экендигин эскертип мубарак Рамазан айы кирип келди.

Бизден мурунку жашап өткөн мусулмандар кафирлер үстүнөн жеңишке жетүү үчүн Рамазан айынан кубат алышар эле. Бул айда Расулуллах ﷺдын башчылыгы астында мусулмандар Бадр согушунда жеңишке жетишкен. Ал кезде Ислам жоокерлери сан жагынан аз жана даярдык жагынан алсыз болгонуна карабай, өздөрүнөн үч эсе көп болгон душманды жер тиштетишкен. Аллах Таала Бадр окуясын эскерип мындай деген:

﴿وَلَقَدْ نَصَرَكُمُ ٱللَّهُ بِبَدْرٍ وَأَنتُمْ أَذِلَّةٌ ۖ فَٱتَّقُوا۟ ٱللَّهَ لَعَلَّكُمْ تَشْكُرُونَ﴾

***«Акыры Алла Бадр согушунда күчсүз болсондор да силерди жеңишке ээ кылды го. Демек, Алладан корккула! Ошондо балким*** *(Алланын нематтарына)* ***шүгүр кыласыңар».*** [3:123]

Мекке шаары Расулуллах ﷺ тарабынан фатх кылынып, ал жерде Ислам өкүмдарлыгы орнотулду жана меккеликтердин мусулмандарга зулум кылуусуна чекит коюлду. Мекке фатхы Ислам мамлекетинин дүйнө жүзүнө жайылуусу үчүн чоң эшик болду. Мекке фатх кылынгандан кийин Аллах Субханаху ва Таала айтты:

﴿إِذَا جَآءَ نَصۡرُ ٱللَّهِ وَٱلۡفَتۡحُ ۞ وَرَأَيۡتَ ٱلنَّاسَ يَدۡخُلُونَ فِي دِينِ ٱللَّهِ أَفۡوَاجٗا﴾

*«(Эй Мухаммад),* ***качан Алланын жардамы жана жеңиш келсе. Жана адамдар топ-топ болушуп Алланын дини*** *(Ислам)****га кирип жаткандарын көрсөң».*** [110:1–3]

Халифалык доорунда мусулмандар Рамазан айларын айыгышкан душмандарга каршы үлкөн казаттар менен өктөрүшүп, албан-албан жеңиштерге, фатхтарга жетишкен. Кресттүүлөр Шамдын айрым аймактарын бир кылымдан ашуун ээлеп турушканына карабастан, мусулмандар аларды кууп чыгышкан. Ошондой эле, мусулмандар Ислам ааламын кызыл канга боёгон татарлардын чабуулун ийгиликтүү кайтарышкан. Ошондуктан, бул ай мусулмандар үчүн Халифалык мамлекетин орнотуу аркылуу Исламий турмуштуу баштоого болгон аракеттин башаты болушу зарыл.

Тилекке каршы, биз мусулмандар бүгүн динди адамдын жеке ибаадаттарына гана чектеген либералдык илманий коомдо жашап жатабыз. Ошондуктан, бул Рамазан айында Исламды турмуштун бардык тармактарын камтып алуучу дин катары түшүнүп жетишибиз, ошондой эле, аны турмушубуздагы саясий, ижтимаъий жана экономикалык тармактардын бардыгында толук түрдө татбик кылууга умтулушубуз кажет.

Ислам Умматын бүгүнкү кордуктардан алып чыгуунун жападан жалгыз жолу – фарздардын таажысы болгон пайгамбарлык минхажындагы Рошид Халифалыкты орнотуу.

Оо Аллахым, орозонун Өзүң баяндаган максаты – таквалыкты ишке ашырышыбыз үчүн бизге күч-кубат берегөр! Акыйкатта, мусулман үчүн Аллахка итаат кылууда таквалыктан өткөн улуу даража болбос. ❑

## Рим папасы «гомосексуализм» жана «катачылык» тууралуу билдирүүлөрүн ачыктады

Рим папасы Франциск өз блогунда гомосексуализм «кылмыш эмес» экенин дагы бир жолу тастыктап, бул сөздү «гомосексуализмди кылмыш деп эсептөө жакшы эмес жана адилетсиздик» экендигин баса белгилөө үчүн айтканын билдирди. Франциск испан тилинде жазган постунда мындай деди: «Мен аны (гомосексуализмди) катачылык деп айтканымда никеден тышкаркы ар бир жыныстык мамиле катачылык деп эсептелген католиктердин адеп-ахлактык окуусун гана назарда туткан элем». Ал акыркы сөзүнө өзгөчө басым жасады. Бирок, пастырлык кызматтагы ар бир жагдайга өзгөчө мамиле жасоо зарылдыгын айтып, бул адеп-ахлактык окуулар дагы «катачылыкты азайтуусу же кетирүүсү мүмкүн болгон» абалдарга жараша өзгөрүшү мүмкүндүгүнө ишарат кылды. Франциск үстүбүздөгү жылдын 24-январында Associated Press агенттигине берген маегинде гомосексуализмди кылмыш деп эсептеген мыйзамдар адилетсиз экенин айтып, «гей болуу кылмыш эмес», деп билдирди. Рим Папасынын гомосексуализмди кылмыш деп эсептеген мыйзамдарды жокко чыгарууга чакырган сөздөрү ЛГБТ уюмунун жактоочулары тарабынан кеңири колдоого алынып, ЛГБТ уюмундагы адамдарга карата куугунтук жана зомболукту токтотууга жардам бере турган маанилүү кадам катары бааланды.

**Ал-Ваъй:** Эгер чиркөө башчылары абалдарга т.а. кысымдарга жараша кээбир иштерди халалга же харамга чыгара берсе, демек, алардын назарындагы халалды харамга жана алардын назарындагы харамды халалга чыгаруу кыйынга деле турбайт экен да. Демек, алар үчүн яхудийлердин Масийх ибн Мариямды өлтүргөнүн актоо дагы жеңил эле. Ансыз деле, чиркөө буга чейин мындай кадамга барган!

## Сауд Аравиясы «израиль» менен мамилелерди нормалдаштыруунун акысына Америкадан кепилдиктерди талап кылууда

The New York Times гезити Сауд Аравиясынын баскынчы «израиль» менен мамилелерди нормалдаштыруунун акысына бир нече шарттарды койгонун жазып чыкты. Ага ылайык, Сауд Арависясы АКШ президенти Жо Байденден жарандык атомдук энергия долбоорун курууга колдоо көрсөтүүнү, коопсуздук кепилдиктерин камсыздап берүүнү жана АКШдан сатып алынуучу курал жарактарга болгон чектөөлөрдү азайтууну талап кылган. Гезиттин маалыматына ылайык, Сауд Аравия менен «израиль» ортосунда мамилелерди нормалдаштыруу келишими ишке ашса, бул Жакынкы Чыгыш

чөлкөмүндөгү эң чоң өзгөрүү жана андагы күчтөрдүн биригүүсү болот. The Wall Street Journal гезити өздүк булактарына таянуу менен бул жааттагы ар кандай макулдашуу Жакынкы Чыгыштагы саясий сахнанын калыбын өзгөртөрүн билдирди. Ошол эле учурда, «израиль» расмийлери Сауд Аравиясынын сүйлөшүүлөр алкагында Фалестин маселеси боюнча чоң жеңилдиктерге барууну каалабай жатканын айтышууда. Гезиттин билдирүүсүнө караганда, өткөн жылдын аягында Америка жана «израиль» делегациялары Эр-Риядга барышып, саудиялыктардын Фалестин маселесин эң маанилүү жана орчундуу деп эсептебей жатышканын айтышкан. Андан тышкары, эгер Сауд Аравиясы «израиль» менен дипломатиялык алакаларды түзсө, Королдукта ички кооптонуулар жаралышы ыктымал. 2022-жылдагы сурамжылоорлордун натыйжалары көрсөткөндөй, жарандардын 5%ы гана мамилелерди нормалдаштыруу долбоорун колдойт. Эки өлкө ортосунда расмий мамилелер болбосо дагы, Эр-Рияд менен Тель-Авив соңку кездерде экономикалык, коопсуздук жана дипломатиялык алакаларды тереңдетип, Сауд Аравияга кирүү үчүн виза алган «израилдиктердин» саны көбөйө баштаган. Ал эми өткөн жылдын октябрь айында Эр-Риядда болуп өткөн экономикалык конференцияда «израилдик» жогорку даражалуу ишкерлер сөз сүйлөгөн.

**Рим папасы кечилдердин үйлөнүшүнө уруксат берүүнү карап жатат... Бул сексуалдык ыдыктар көйгөйүн азайта алабы?**

ЖМКлар Рим папасы Рим-католик чиркөөсүнүн дин кызматчыларына үйлөнүүгө уруксат берүү маселесин карап жаткандыгын жазышууда. Ал мындай кадамга кечилдер тарабынан сексуалдык ыдык көргөн аялдардын жана жаш балдардын көйгөйлөрү ачыкка чыккандан кийин барууда (Франция акыркы 70 жыл ичинде кечилдер тарабынан сексуалдык ыдык жана зомбулук курмандыктарынын саны 216 000ден ашык деп эсептеген). Бул маселе Батышта христиан дин кызматчыларына таңууланган мыйзамдарды кайра карап чыгуу зарылчылыгы жөнүндө кеңири талкууга себеп болду. Британиялык The Times гезитинин жазганына караганда, Рим Папасы Францисктин Рим чиркөөсүнүн эрежелерин ачышы анын «үйлөнүүгө тыюу салуу убактылуу гана» деген билдирүүсүнөн кийин болду. Буга чейин Рим Папасы «кечилдин үйлөнүүсү менен чиркөө кызматынын ортосунда эч кандай карама-каршылык жок» деп, Рим-католик чиркөөсүндөгү бойдоктук «убактылуу буйрук» экенин айткан эле. Анын айтымында, бойдоктук кечилдик кызматы сыяктуу

түбөлүктүү эмес, анткени биринчиси жөн гана тартип, ал эми экинчиси түбөлүктүү милдет. 2019-жылы Рим Папасы бойдоктукту чиркөөгө берилген белек деп атаган. Андан бир жыл өткөндөн кийин ал Амазонкадагы кечилдердин кескин жетишсиздигинин ордун толтуруу үчүн үй-бүлөлүү эркектерди ыйыктоо сунуштарын четке каккан эле. Бир нече күн мурун жарык көргөн голландиялык журналисттин китебинде маркум Рим папасы Иоанн Павел II 1978-жылы понтифик болуп шайлананга чейин Польшадагы католик чиркөөсүндө жаш балдарга сексуалдык ыдык көрсөтүү фактыларын жаап-жашырганы тууралуу айтылган.

**Ал-Ваъй:** Бул маалыматты окуган адам – кайсы динде болбосун – чиркөөнүн кечилдерге (ондогон жылдарга созулган) убактылуу мыйзамдарды таңуулап келишине жана ал мыйзам адам табиятына тескери келгендиги себептүү кайра аны кайра жокко чыгарышына күбө болот. Ойлонуп көргүлөчү, бул чиркөө канчалык алсыз жана кемчиликтүү. Акыйкатта, чиркөө өзү койгон кандайдыр бир мыйзамды жокко чыгаруу менен өзүн өзү жокко чыгарат жана анын дини бурмаланганын, жада калса, ал өз динин өзү бурмалап жатканын далилдейт.

## Саудияда «көңүл ачуучу борбордун» иш-аракети көптөгөн адамдарды өзүнө тартууда

Саудия расмийлери «көңүл ачуучу борбордун» иш-аракети 2019-жылдан бери 120 миллион кишини өзүнө тартканын билдирди. Саудиянын «Сабак» гезити «көңүл ачуучу борбордун» директорлор кеңешинин төрагасы Туркий Али Шейхтин сөздөрүн келтирет: «Көпчүлүктү үйүнө камаган, массалык иш-чаралар, ырасымдар жана жолугушууларды бекер кылууга мажбур кылган коронавирус пандемиясына карабастан, мына ушундай үлкөн көрсөткүчкө жетиштик». Гезит баса белгилегендей, комиссия туристтерди тартуу максатында өлкөдө көптөгөн иш-чараларды уюштуруу үчүн менчик сектор менен кызматташкан. Бир нече шаарларда «дүйнө мамлекеттеринин жылдыздарынын» катышуусунда көңүл ачуучу иш-чаралар өткөрүлгөн. Саудиядагы «көңүл ачуучу борбордун» башкы башкармалыгы 2016-жылы уюштурулуп, анын веб-сайтында айтылгандай, бул борбор көңүл ачуучу секторду түзүү жана өнүктүрүү, коомдун бардык катмарлары үчүн мүмкүнчүлүктөрдү жаратуу жана жашоону байытуу максатында «Saudi Vision 2030» программасы негизинде иштеп жатат. Акыркы беш жылда өкмөт өлкөдөгү көңүл ачуучу тармакта аракет кылган 2500дөн ашык компанияларга 2000ден

ашык көңүл ачуучу иш-чараларды өткөрүшүнө лицензия берген. Франс-Пресс маалымат агенттигинин кабарына ылайык, Саудия чет элдик туристтер үчүн өлкө дарбазаларын ачып, спирттик ичимдиктерге урухсат берип жаткан Дубай жана Бахрейн өлкөлөрү менен туристтик атаандаштыкты баштаган...

**Ал-Ваъй:** бул кабардан көрүнүп тургандай, Саудия өкүмдарлары мункар иш менен сыймыктанып, муну ийгилик деп билишүүдө... Мына, Ибн Салман эң таза-ыйык жерди кантип акаараттап жатканын, мункар амалдарга урухсат берип, абройлуу уламаларга басым кылып жатканын көрүп койгула. Бул акыр заман белгилеринен болуп, бул белгилерди өзгөртүү жана урандылары үстүнө Аллахтын бийлигин тикелөөнүн убагы келди.

## Саудияда он судья «мамлекетке кыянаттык кылды» деп айыпталып камакка алынышы

Вашингтон Пост гезити Саудия өкмөтү кылмыш иштери боюнча соттун он судьясын «мамлекетке кыянаттык кылды» деп айыптоосунун чоо жайы ашкере кылды. Бул сот мамлекетте 2008-жылы түзүлгөн. Ал терроризмге байланыштууу иштерди кароо, диссиденттерди жазалоо жана мураскер канзаданын душмандарына каршы тазалоо иштерин алып барууга кызмат кылууда. Акыркы сот ишинде бул он судья (алардан алтоосу кылмыш иштери боюнча соттун мурунку жогорку кызматтагы судялары, калган төртөөсү королдук жогорку соттун мурунку судьялары) мамлекетке кыянаттык кылгандыкта айыпталууда. Белгилүү болгондой, бул статья менен айыпталгандар Саудияда өлүм жазасы менен жазаланат. Алардын кылмышы ушунда: алар камак жазасын белгилөөдө ырайымсыз болушпаган. Гезиттин айтымында, алардын сот иши жөнүндөгү бул кабар «DAWN» деген уюм тарабынан ачыкталган. Белгилүү болгондой, уюмга 2018-жылы 2-октябрда Стамбулдагы Рияз консулдугунда саудиялыктар тарабынан өлтүрүлгөн Жамал Кашикчи негиз салган.

Вашингтон Пост «бул судьялардын колдору бүтүндөй таз болбогонун» баса белгилейт. «DAWN» уюму билдиришинче, бул судьялар камакка алынгандан кийин өздөрү төрагалык кылган иштерде өтө «ырайымдуу» болушканын моюнга алууга мажбур кылынган. Бул судьялар камакка алынган соң, мураскер канзада алардын ордуна ага ишенимдүү адамдарды дайындаган. Натыйжада, саясий активисттер жана социалдык тармактын колдонуучуларына берилген мурунку сот өкүмдөрү кайра каралып чыгып, жаза мөөнөтү сезилээрлик даражада көбөйтүлдү. Гезит тыянактап мындай дейт:

«Мураскер канзада заманбаптык жөнүндө кооз сөздөрдү сүйлөсө да, бирок, өзү жырткычтык менен өкүм жүргүзүүдө».

**Ал-Ваъй:** Ибн Салман – Ахыреттен мурун бул дүйнөдө Аллахтын каарына туш болушунун убагы келген залим өкүмдарлардын үлгүсү. Ал ачык-ашкере кылмыштары аркылуу Аллахтын динине жана мусулмандарга каршы күрөшүп, зомбулук кылууда башка өкүмдарлардан озуп кетти.

## Кувейттин Жарида гезити: Махир Асад Саудияга барып, өлкөнүн «нормалдаштыруу» үчүн койгон шарттарын укту

Кувейтте чыккан «Ал-Жарида» гезити ушул кабарды таратты: «Бир нече ай мурун Сирия разведкасынын төрагасы Хассам Лавка Риязга сапар кылып, Саудия разведкасынын жетекчиси Халид Хумайдан менен жолугушкан. Ал эми, өткөн аптада Саудияга Асаддын үй-бүлөсүнөн болгон бир жогорку кызматтагы кызматкер келди. Кээ бир маалыматтар ал Сирия президентинин иниси Махир Асад экенин ырастап жатат». Гезитте баса белгиленишинче, маалыматтарга ылайык, Махирдин сапары негизинен коопсуздук характерге ээ болгон. О.э. чегараларды көзөмөлдөө маселеси менен бирге Дамасктын баңгизат контрабандасына жана өндүрүшүнө каршы күрөшүү зарылчылыгына байланыштуу болгон. Өзгөчө, бул маселелер Сирия армиясынын Махир жетекчилигиндеги «Төртүнчү бөлүмүнүн» укугуна кирет. Белгилүү болгондой, бул бөлүм бүткүл мамлекетти, өзгөчө чегарадагы өткөрүү пункттарын жана негизги аймактарды көзөмөлдөйт.

Гезит бул сапар жана андагы шарттарды аткаруу саясий мамилелерге жол ачат деп баса белгилейт. Жалпы жана кеңирээк көз караштан алганда, Саудия-Иран келишими артынан бул келишим туткундарды алмаштыруу келишими аркылуу Ямандагы абалга таасир көрсөтө баштагандан кийин, албетте Сирия жана Ливан вакиълигинде да көрүнүшү дайын. Себеби, Сирия менен Ливан аларга жүктөлгөн саясий сунуштар көз карашынан бири-бирине окшоп кетет. Бул сунуштар Ливанга карата Кувейт демилгеси болобу же Саудиянын Сирия режимине койгон шарттары болобу, айырмасы жок.

**Ал-Ваъй:** регион маселелери бүгүнкү күндө мына ушундай козголуп жатат. Буга карата каршылык кыймылы да, коргоо да, дин да, кайгыруучулар да жок. Тескерисинче, бул жерде кызыкчылык, таасир жана кожоюндарга малайлык кылуу гана бар. Ал эми, адамдар жана алардын маселелерине келсек, алар дин соодасындагы сокур тыйындар. Саудия жана Иран саясаттын дини болбойт деп билишет.

## «Financial Times»: БУУнун каражаттары Сирия режимин кантип жандантты?

Британиянын «Financial Times» гезитиндеги бир макалада өткөн айда Сириянын түндүгүндө болгон үрөй учурган зилзаладан кийин БУУнун аянычтуу «ийгиликсиздиги» ачыкталды. Макала БУУнун Дамаск режими менен тыгыз мамилелерин о.э. режим гуманитардык жардамдардан өз кызыкчылыгы үчүн кантип пайдаланганын ачып берет. Сирия разведкасынын жетекчисинин кызы БУУнун өзгөчө абалдарга каршы күрөшүү борборунун Дамасктагы офисине дайындалышы мунун ачык-айкын далилдеринин бири. «Жардам көрсөтүү боюнча эксперттердин сөздөрүнө ылайык, 2016-жылдагы документтер БУУ мурун да жогорку кызматтагы режимдин кызматкерлеринин туугандарын жумуш менен камсыздаганын көрсөткөн». Гезит зилзаладан кийин Сирия оппозициясынын көзөмөлү астындагы жакыр аймактарга эл аралык жардамдардын жай жетип жатканы жөнүндө жазат. Гезит баса белгилегендей, БУУ өз кызматкерлеринин Дамаскта жайгашкан жана негизинен Самир Фавзга тиешелүү экендиги айтылып жаткан «Four Seasons» мейманканасында туруу үчүн миллиондогон доллар (2014-жылдан бери 81,6 миллион доллар) төлөп келген. Акыйкатта болсо, АКШ бул адамга карата 2019-жылы Асад менен финансылык мамилелери себептүү санкция киргизген. Гезит Асад режиминин эл аралык жардам агенттиктерин ыңгайсыз расмий курстан пайдаланууга мажбурлоо аркылуу гуманитардык жардам үчүн бөлүнгөн миллиондогон долларларды өздөштүргөнү көңүлдү бурдурган.

Бул нерсе Сириядагы Борбордук банктын чет элдик запастарын колдоп-кубаттоого жардам берет. Гезит баса белгилегендей, жардам топтору жылдар бою зыян көргөн аймактарга кирүү мүмкүнчүлүгүн жоготуудан жана гуманитардык жардамдары токтоп калышынан коркуп, режимдин талаптарын жана басымдарын аткарган. Гезит сириялык булактар, жардам кызматкерлери жана эксперттердин ушул сөздөрүн жазат: «БУУнун Сириядагы негизги кызматташы болгон Сирия Араб Кызыл Жарым Ай коому сыяктуу органдар жана жардам топторунан режимге байланыштуу мекемелер менен кызматташуу талап кылынууда». Ал эми, бул коомдун аракеттери Сириядагы бардык жардам программалары сыяктуу, түрдүү министрликтер жана разведка бөлүмдөрү катышуусундагы өкмөт комитети тарабынан жактырылышы керек. Мамлекет коопсуздукт аппаратынын кошумча

урухсат кагазы жөнүндө айтпаса да болот. Бул болсо жардам аракеттерин багыттоодо режимдин ролу чоң экенин көрсөтөт».

Гезит баса белгилегендей, 12 жылдык согушта БУУ сыяктуу уюмдар аркылуу миллиарддаган долларлык жардам таратылып, режим жардам секторун көзөмөлдөшү «ачылып калган сыр». Гезит отчётту Жакынкы Чыгыш институтунун штатсыз кызматкерлери Эмма Билздин ушул сөздөрү менен аяктайт: «Мен Дамаск зилзаладан улам жеткен зыяндан пайдаланып, талаштуу аймактардагы үйлөрдү бузушу жана оппозиция деп билген адамдардын жерлерин тартып алышынан кабатырдамын».

**Ал-Ваъй:** Сирия режими АКШ тарабынан колдоп-кубатталууда жана жогоруда айтылган нерселер ушул колдоп-кубаттоонун бир жагы деген сөз менен бүткүл теманы кыскача түшүндүрүү мүмкүн. Биз Сирияда эл аралык коомчулук аркылуу эч кандай чечим болбойт деп атабыз. Чечим борбору Шам болгон рошид Халифалыкты тикелөө менен Аллах үчүн калыс кызмат кыла турган мусулман сириялыктар аркылуу болот. Аллахтан үмүтүбүз чоң. ❑

بسم الله الرحمن الرحيم

# КУРЪАНИ КАРИМ САБАГЫНДА

## АЛЛАХ ТҮШҮРГӨН ДИН МЕНЕН ӨКҮМ ЖҮРГҮЗҮҮ: ИБААДАТ ЖАНА ХАЛИФАЛЫК

﴿إِنِ ٱلْحُكْمُ إِلَّا لِلَّهِ أَمَرَ أَلَّا تَعْبُدُوٓا۟ إِلَّآ إِيَّاهُ﴾

**«ӨКҮМ – ӨКҮМДАРДЫК АЛЛАХКАА ГАНА ТААНДЫК, АЛ ЗАТ СИЛЕРДИ ЖАЛАҢ ӨЗҮНӨ ГАНА СЫЙЫНУУГА БУЮРГАН»**

Мусулмандардын жашоосу жалгыз Аллахка гана ибаадат кылууга негизделиши важиб. Мусулман адам аны Аллах жаратканына, ага көрүү жана угуу неъматын тартуулаганына, ошондой эле, ал жалгыз максат – Аллахка ибаадат кылуу үчүн жаратылганына жана башка адамдарды дагы Аллахка ибаадат кылууга чакырууга буйрулганына кынтыксыз ыйман келтирет. Ал эми Аллахка толук түрдө ибаадат кылуу шарият ахкамдарын татбик кылуучу Ислам мамлекетисиз ишке ашпайт. Эгер шарият татбик кылынган мамлекет болсо ибаадат толук болот, ансыз толук түрдө ибаадат кылуу мүмкүн эмес. Ислам акыйкаты мына ушул. Бул дин – ибаадатты, адеп-ахлакты жана халал жол менен ичип-жешти үйрөткөндө эле, башкарууну, мыйзамчылыкты жана жихадды дагы камтып алган дин. Бул акыйкаттар Аллах Тааланын аяттарында ачык-айкын көрүнүп турат. Тилекке каршы, айрым мусулмандар жана аалым аталгандар бул нерсеге кайдыгерлик кылышып, динди толугу менен тургузуу важибин аткарууга умтулбай келишүүдө. Эгер Исламий мамлекеттин жоктугу себептүү мусулмандар турмушунда Аллахтын ахкамдары толук түрдө татбик кылынбай жаткан болсо, динди тургузуу үчүн жалпы мусулмандар Ислам мамлекетин орнотууга аракет кылышы важиб. Алдыда Аллах түшүргөн дин менен өкүм жүргүзүүгө буйруган аяттарды келтирип өтөбүз. Бул аяттарда Аллах түшүргөн динден башка түзүмдөргө баш ийүүнүн адашуу экендиги жана мусулмандар бул акыйкатты аңдап жетишпей турган болсо, акыретте аянычтуу азапка кабылышары тууралуу баяндалган. Анткени, мусулмандардын Аллахка ибаадат кылуу милдети шариятты татбик кылуучу мамлекетке байланган жана мусулмандар кыяматта бул иштен сөзсүз түрдө суралышат.

– Аллах Таала айтты:

﴿إِنِ ٱلْحُكْمُ إِلَّا لِلَّهِ أَمَرَ أَلَّا تَعْبُدُوٓا۟ إِلَّآ إِيَّاهُ﴾

***«Өкүм – Өкүмдардык Аллахкаа гана таандык, Ал Зат силерди жалаң Өзүнө гана сыйынууга буюрган»*.** [12:40]

Бул аятта өкүмдарлык жана кайсы бир өкүмдарлыкка баш ийүү ибаадат түркүмүнөн экендиги айтылган. Аят өкүмдарлыкты бир гана Аллах Азза ва Жаллага таандык кылды. Демек, Аллах Субханаху ва Тааладан башка бирөөнүн өкүмдарлыкты талашуусу жаиз эмес. Ошондуктан, аяттын уландысында Аллах Таала ***«Ал Зат силерди жалаң Өзүнө гана сыйынууга буюрган»***, деп айтып жатат. Бул болсо өкүмдарлык жана кайсы бир өкүмдарлыкка моюн сунуу дагы ибаадат экендигине, ошондой эле, ал ибаадат жалгыз гана Аллахка Таалага арналышы важиб экендигине далалат кылат.

– Аллах Таала башка бир аятта мындай деди:

﴿وَأَنزَلَ مَعَهُمُ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ لِيَحۡكُمَ بَيۡنَ ٱلنَّاسِ فِيمَا ٱخۡتَلَفُواْ فِيهِۚ﴾

***«Аларга кошуп адамдардын ортосунда чыккан тартышууларга өкүм кылуу үчүн акыйкат менен Китепти түшүрдү».*** [2:213]

Бул аятта болсо Аллах Субханаху ва Таала бардык пайгамбарлардын милдети тууралуу айтты. Пайгамбарлардын милдети адамдарды Аллахка ибаадат кылууга чакыруу жана ал иш Аллах түшүргөн дин менен өкүмдарлык кылуу аркылуу гана ишке ашат. Пайгамбар дагы адамдардын бири болгондуктан, алар Аллах түшүргөн дин менен өкүмдарлыкты орнотууга буйрулушкан. Анткени, Ислам дини жалпы адамзат үчүн кыямат чейинки мыйзамдуулуктун дини.

– Аллах Таала айтты:

﴿إِنَّآ أَنزَلۡنَآ إِلَيۡكَ ٱلۡكِتَٰبَ بِٱلۡحَقِّ لِتَحۡكُمَ بَيۡنَ ٱلنَّاسِ بِمَآ أَرَىٰكَ ٱللَّهُۚ﴾

***«Албетте Биз сага ушул Чындык Китепти** (Куранды) **адамдар арасында Алла көрсөткөн жол менен өкүм кылышың үчүн түшүрдүк».*** [4:105]

Бул аяттын мааниси: Ислам менен өкүм жүргүзүү – бул адамдардын ортосундагы келишпестиктерди жана талаш-тартыштарды Ислам ахкамдары негизинде чечүү. Адамдар ортосундагы мал-байлык, жан, абийир-намыс жана башка укуктарга тиешелүү келишпестиктердин бардыгы шарият көрсөткөн ижтихадий тарыйкаттын негизинде чечилиши зарыл.

– Аллах Азза ва Жалла айтты:

﴿إِنَّمَا كَانَ قَوۡلَ ٱلۡمُؤۡمِنِينَ إِذَا دُعُوٓاْ إِلَى ٱللَّهِ وَرَسُولِهِۦ لِيَحۡكُمَ بَيۡنَهُمۡ أَن يَقُولُواْ سَمِعۡنَا وَأَطَعۡنَاۚ وَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلۡمُفۡلِحُونَ﴾

***«Алла жана анын пайгамбарына ортолорунда өкүм чыгаруу үчүн чакырылган убактыларында, момундардын сөзү «уктук жана моюн сундук»,** (деш). **Дал ошолор гана нажат табуучулар – кутулуучулар».*** [24:51]

Бул аятта айтылгандай, момундар арасында Ислам менен өкүм жүргүзүлүшү, ошондой эле, шарияттын буйругу келген учурда мусулмандар «уктук жана моюн сундук» деп, жүрөктөрүндө эч кандай мүчүлүштүк калбастан, толук түрдө Аллахтын өкүмүнө таслим болушу важиб. Аллах Таала дүйнө-акыреттеги кутулууну жана ийгиликти мына ушул ишке байлап койгон.

– Аллах Таала айтты:

﴿يَٰٓأَيُّهَا ٱلَّذِينَ ءَامَنُوٓاْ أَطِيعُواْ ٱللَّهَ وَأَطِيعُواْ ٱلرَّسُولَ وَأُوْلِي ٱلۡأَمۡرِ مِنكُمۡۖ فَإِن تَنَٰزَعۡتُمۡ فِي شَيۡءٖ
فَرُدُّوهُ إِلَى ٱللَّهِ وَٱلرَّسُولِ إِن كُنتُمۡ تُؤۡمِنُونَ بِٱللَّهِ وَٱلۡيَوۡمِ ٱلۡأٓخِرِۚ ذَٰلِكَ خَيۡرٞ وَأَحۡسَنُ تَأۡوِيلًا ۝
أَلَمۡ تَرَ إِلَى ٱلَّذِينَ يَزۡعُمُونَ أَنَّهُمۡ ءَامَنُواْ بِمَآ أُنزِلَ إِلَيۡكَ وَمَآ أُنزِلَ مِن قَبۡلِكَ يُرِيدُونَ أَن
يَتَحَاكَمُوٓاْ إِلَى ٱلطَّٰغُوتِ وَقَدۡ أُمِرُوٓاْ أَن يَكۡفُرُواْ بِهِۦۖ وَيُرِيدُ ٱلشَّيۡطَٰنُ أَن يُضِلَّهُمۡ ضَلَٰلَۢا بَعِيدٗا
۝ وَإِذَا قِيلَ لَهُمۡ تَعَالَوۡاْ إِلَىٰ مَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ وَإِلَى ٱلرَّسُولِ رَأَيۡتَ ٱلۡمُنَٰفِقِينَ يَصُدُّونَ عَنكَ صُدُودٗا
۝ فَكَيۡفَ إِذَآ أَصَٰبَتۡهُم مُّصِيبَةُۢ بِمَا قَدَّمَتۡ أَيۡدِيهِمۡ ثُمَّ جَآءُوكَ يَحۡلِفُونَ بِٱللَّهِ إِنۡ أَرَدۡنَآ إِلَّآ
إِحۡسَٰنٗا وَتَوۡفِيقًا﴾

***«Эй момундар! Аллага моюн сунгула жана пайгамбарга, ошондой эле, өзүңөрдөн болгон*** *(мусулман)* ***акимдерге моюн сунгула. Эгер кандайдыр бир нерсе жөнүндө талашып калсаңар, эгер чынында эле Аллага жана Акырет Күнүнө ишенсеңер, ал нерсени Аллага жана пайгамбарына кайтаргыла. Мына ушул жакшыраак жана көркөмүрөөк чечим.*** *(Эй Мухаммад)* ***өздөрүн сага түшүрүлгөн нерсеге*** *(Куранга)* ***жана сенден мурунку түшүрүлгөн нерселерге ыйман келтирген, деп эсептей турган*** *(айрым)* ***адамдардын шайтанга өкүм сурап барууну каалап жаткандарын көрбөдүңбү? Акыйкатта болсо, аларга ага ишенбөө буйрулган. Анткени, шайтан аларды биротоло жолдон азгырууну каалайт. Качан аларга: "Алла түшүргөн Китепке жана пайгамбардын үгүттөрүнө келгиле", - делинсе, бул мунафыктардын сенден катуу баш тартышканын көрөсүң. Ал эми өздөрүнүн кылмыштары себептүү аларга бир кайгы-касырет жеткенден кийин сенин алдыңа келишип: "Биз болгону жакшылыкты жана мамилени оңдоону гана каалаган элек", - деп касам ичкендери кандай болду?».*** [4:59 – 62]

«Бул аятта айтылган «валий ул-амр» мусулмандардын амирлери, жетекчилери жана аалымдары. Мусулмандар өздөрүнөн болгон башчыларга итаат кылып, моюн сунушканда гана алардын дини жана дүйнөсү абат болот.

Аллах Таала ыйман келтирдик деп, бирок тагуттарга т.а. Аллахтын шариятынан башка мыйзам менен башкаруучуларга моюн сунуучу мунафиктердин абалын кандай гана таң каларлык деп сифаттаган. Ыйман менен тагууттарга моюн сунуу кантип бирикмек эле? Ыйман – бардык иштерде Аллах Тааланын шариятына жана өкүмдарлыгына моюн сунууну дегендик. Ал эми ыйман келтирдим деп, бирок турмуштук иштерин тагуттун айтканына ылайык тартиптөөнү тандаган адамдар ыйманында жалганчылар. Бул шайтандын адаштыруусунан башка нерсе эмес» (Ас-Саъдий тафсири).

– Аллах Субханаху ва Таала айтты:

﴿فَلَا وَرَبِّكَ لَا يُؤْمِنُونَ حَتَّىٰ يُحَكِّمُوكَ فِيمَا شَجَرَ بَيْنَهُمْ ثُمَّ لَا يَجِدُواْ فِىٓ أَنفُسِهِمْ حَرَجًا مِّمَّا قَضَيْتَ وَيُسَلِّمُواْ تَسْلِيمًا﴾

***«Жок** (эй Мухаммад), **Раббиңе ант болсун, тээ алар өз ортолорунда чыккан келишпөөчүлүктөрдө сени өкүмдар кылышмайынча жана кийин сен чыгарган өкүмдөн дилдеринде эч кандай мүчүлүштүк таппай, толук моюн сунушмайынча эч качан момун боло алышпайт».*** [4:65]

Ибн Кафир өз «Тафсиринде» бул аят тууралуу мындай деген: «Аллах Таала Өзүнүн аруу жана улуу аты менен касам ичип, өз иштеринде Расулуллах ﷺды өкүмдар кылмайынча, эч ким момун боло албастыгы, ошондой эле, ал ﷺ чыгарган өкүмгө ичтен да, тыштан да моюн сануу важиб экендиги тууралуу айткан». Ибн ал-Коййим өзүнүн «ал-Баяан фий аксам ил-Куръан» китебинин 270-бетинде бул аят тууралуу мындай деген: «Аллах Субханаху Өзүнүн ыйык ысымы менен касам ичип, пенделер өздөрүнүн чоң жана кичинекей болгон бардык иштеринде Анын Расулун, шарият ахкамдарын жана убадалашкан ахкамдарды өкүмдар кылмайынча момун боло албастыгын баса белгилеп айткан. Ошондой эле, өкүмдар кылып коюунун өзү жетишсиз экендигин, балким анын чыгарган өкүмүнө карата жүрөктөрүндө эч кандай мүчүлүштүк жана кыжаалатчылык таппай, чын дил менен ыраазы болуп, толук түрдө кабыл алуунун зарылдыгын билдирген. Ошондуктан, пенде Аллахтын Расулу чыгарган өкүмгө ыраазы болуу, моюн сунуу жана ага каршы чыкпоо аргылуу гана момун боло алат».

– Аллах Таала айтты:

﴿وَمَن لَّمْ يَحْكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلْكَٰفِرُونَ﴾

***«Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар каапырлар»*** [5:44]

﴿وَمَنْ لَّمْ يَحْكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلْفَاسِقُونَ﴾

***«Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар заааалимдер»*** [5:45]

﴿وَمَنْ لَّمْ يَحْكُم بِمَآ أَنزَلَ ٱللَّهُ فَأُوْلَٰٓئِكَ هُمُ ٱلظَّالِمُونَ﴾

***«Кимде-ким Алла түшүргөн дин менен өкүм кылбаса, анда алар фасыктар!»*** [5:47]

Акыйкатта, Аллах түшүргөн динден башка мыйзам менен өкүм кылуу кафирлердин иштеринен. Куран аяттары аларды Аллахтын өкүмүнөн жүз үйрүгөндүгү себептүү кафирлер, заалимдер жана фасыктар деп сифаттаган. Бул сифаттардын бардыгы жемелөө маанисинде айтылган. Бул аяттар жалпысынан алганда мусулмандарга дагы тиешелүү. Болгону, эгер мусулмандар бул ишти эътикаддан келип чыгып кылбай турган болсо (т.а. жүрөгүндө Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылуу важиб деп билсе), ыймандан чыкты деп эсептелбейт.

Соңунда, Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылуу – халифалык, ал эми Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылуучу адам – халифа экендигине далалат кылуучу бир нече аяттарды келтиребиз:

﴿وَإِذْ قَالَ رَبُّكَ لِلْمَلَٰٓئِكَةِ إِنِّى جَاعِلٌ فِى ٱلْأَرْضِ خَلِيفَةً ۖ قَالُوٓاْ أَتَجْعَلُ فِيهَا مَن يُفْسِدُ فِيهَا وَيَسْفِكُ ٱلدِّمَآءَ وَنَحْنُ نُسَبِّحُ بِحَمْدِكَ وَنُقَدِّسُ لَكَ ۖ قَالَ إِنِّىٓ أَعْلَمُ مَا لَا تَعْلَمُونَ﴾

***«Эстечи** (эй Мухаммад), **Раббиң периштелерге: «Мен Жер үстүнө** (адамды) **халифа** (орун басар) **кылып жаратамын» дегенде, алар айтышты: «Ал жерде бузукулук жасай турган жана кан төгө турган затты** (халифа) **кыласыңбы? Биз болсо алкоо-мактоо айтуу менен Сени улуулайбыз жана Сенин атыңды ар дайым аруу-пакиза тутабыз» дешти.** (Алла) **айтты: «Акыйкатта, Мен силер билбеген нерселерди билемин»,*** [2:30]

﴿يَٰدَاوُۥدُ إِنَّا جَعَلْنَٰكَ خَلِيفَةً فِى ٱلْأَرْضِ فَٱحْكُم بَيْنَ ٱلنَّاسِ بِٱلْحَقِّ وَلَا تَتَّبِعِ ٱلْهَوَىٰ فَيُضِلَّكَ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِ ۚ إِنَّ ٱلَّذِينَ يَضِلُّونَ عَن سَبِيلِ ٱللَّهِ لَهُمْ عَذَابٌ شَدِيدٌۢ بِمَا نَسُواْ يَوْمَ ٱلْحِسَابِ﴾

***«Эй Дауд, акыйкатта Биз сени жерде халифа кылдык. Эми сен** (көңүл) **каалоосуна ээрчип кетпегин! Болбосо, ал сени Алланын жолунаназдырат. Албетте Алла жолунан аза тургандар үчүн эсеп-китеп Күнүн** (Кыяматты) **унутуп калгандары себептүү катуу азап бар»*** [38:26]

﴿وَعَدَ ٱللَّهُ ٱلَّذِينَ ءَامَنُوا۟ مِنكُمْ وَعَمِلُوا۟ ٱلصَّٰلِحَٰتِ لَيَسْتَخْلِفَنَّهُمْ فِى ٱلْأَرْضِ كَمَا ٱسْتَخْلَفَ
ٱلَّذِينَ مِن قَبْلِهِمْ وَلَيُمَكِّنَنَّ لَهُمْ دِينَهُمُ ٱلَّذِى ٱرْتَضَىٰ لَهُمْ وَلَيُبَدِّلَنَّهُم مِّنۢ بَعْدِ خَوْفِهِمْ أَمْنًا ۚ
يَعْبُدُونَنِى لَا يُشْرِكُونَ بِى شَيْـًٔا ۚ وَمَن كَفَرَ بَعْدَ ذَٰلِكَ فَأُو۟لَٰٓئِكَ هُمُ ٱلْفَٰسِقُونَ﴾

***«Алла силерден ыйман келтирген жана жакшы амалдар кылган заттарга, кудум илгери өткөн*** *(ыйман-ишенимдүү)* ***заттарды*** *(жер жүзүнө)* ***халифа-өкүмдар кылгандай, аларды да жер жүзүнө халифа-орун басар кылууну жана алар үчүн Өзү ыраазы болгон*** *(Ислам)* ***динин, үстөм-бекем кылууну, ошондой эле, аларды коркунучтарынан кийин, тынтык-бейпилдикке бөлөп коюшун убада кылды. Алар Мага ибадат кылышат жана Мага бир да нерсени шерик кылышпайт. Ким мына ушул*** *(убада)****дан кийин*** *(неъматка)* ***күпүрдүк кылса, демек алар баш ийбес адамдар»*** [24:55]

﴿عَسَىٰ رَبُّكُمْ أَن يُهْلِكَ عَدُوَّكُمْ وَيَسْتَخْلِفَكُمْ فِى ٱلْأَرْضِ﴾

***«Балким Раббиңер душманыңарды жок кылып, силерди бул жерге халифа*** *(орун басар)* ***кылар жана кандай амалдарыңарды кыларыңарды көрөр»*** [7:129]

﴿وَٱذْكُرُوٓا۟ إِذْ جَعَلَكُمْ خُلَفَآءَ مِنۢ بَعْدِ قَوْمِ نُوحٍ﴾

***«****(Алла)* ***силерди Нух коомунан кийин халифа*** *(орун басар)* ***кылып койгонун жана күч-кубатыңарды артыкча кылып жаратканын эстегиле!»*** [7:69]

﴿وَٱذْكُرُوٓا۟ إِذْ جَعَلَكُمْ خُلَفَآءَ مِنۢ بَعْدِ عَادٍ وَبَوَّأَكُمْ فِى ٱلْأَرْضِ﴾

***«Силерди Ад*** *(коому)****нан кийин халифа-орун басар кылып койгонун жана силерге тегиз жерлерде мекен бергенин эстегиле!»*** [7:74]

﴿أَمَّن يُجِيبُ ٱلْمُضْطَرَّ إِذَا دَعَاهُ وَيَكْشِفُ ٱلسُّوٓءَ وَيَجْعَلُكُمْ خُلَفَآءَ ٱلْأَرْضِ ۗ﴾

***«Же ким начар адам жалбарып-дуба кылган убагында*** *(дубасын)* ***кабыл этип,*** *(анын)* ***мүшкүлүн жеңил кылат жана да, силерди Жердин халифа-ээлери кыла алат?!»*** [27:62]

﴿وَهُوَ ٱلَّذِى جَعَلَكُمْ خَلَٰٓئِفَ ٱلْأَرْضِ وَرَفَعَ بَعْضَكُمْ فَوْقَ بَعْضٍ دَرَجَٰتٍ لِّيَبْلُوَكُمْ فِى مَآ
ءَاتَىٰكُمْ ۗ إِنَّ رَبَّكَ سَرِيعُ ٱلْعِقَابِ وَإِنَّهُۥ لَغَفُورٌ رَّحِيمٌۢ﴾

***«Ал силерди жер үстүнө халифалар кылган жана Өзү берген неъматтар менен силерди сыноо үчүн айрымдарыңарды айрымдарыңардан жогорураак даражаларга көтөрүп койгон Зат. Албетте, Раббиң тез жазалоочу жана албетте Ал Кечирүүчү жана Мээримдүү!»*** [6:165]

﴿هُوَ ٱلَّذِى جَعَلَكُمْ خَلَٰٓئِفَ فِى ٱلْأَرْضِ ۚ فَمَن كَفَرَ فَعَلَيْهِ كُفْرُهُۥ ۖ وَلَا يَزِيدُ ٱلْكَٰفِرِينَ كُفْرُهُمْ عِندَ رَبِّهِمْ إِلَّا مَقْتًا ۖ وَلَا يَزِيدُ ٱلْكَٰفِرِينَ كُفْرُهُمْ إِلَّا خَسَارًا﴾

***«Ал силерди жер жүзүндө халифа кылып койгон Зат. Демек, ким каапыр болсо, анын күпүрү өзүнүн зыянына гана болот. Каапыр болгон кишилерге күпүрлөрү Жаратқандын даргөйүндө жалаң азапты гана арттырат. Жалаң каапыр болгон кишилерге күпүрлөрү зыянкорлукту гана арттырат».*** [35:39] ❑

## МУСУЛМАНДАР ТУРМУШУ ХАЛИФАЛЫК МЕНЕН ТЫГЫЗ БАЙЛАНЫШКАН

Курани Карим аяттарын, Расулуллах ﷺдын хадистерин, сийратын, анын доорундагы жана андан кийинки сахабалардын өмүр баяндарын, ошондой эле, тарыхтагы мусулмандардын турмушун кылдат окуп чыга турган болсок, Ислам мамлекети бардык доорлордо Исламдын ажыралгыс бир бөлүгү болуп келгенин көрөбүз. Мусулмандар турмушу ар качан Ислам мамлекетине байланып турган. Ошондой эле, диндин бүтүндүгү жана Аллах берген неъматтардын толук болуусу дагы Халифалык мамлекетине байланган. Расулуллах ﷺдын хадистеринде Исламий мамлекет, халифа, валий ул-амр, Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылуу, Аллах түшүргөн динге гана моюн сунуу, тагуттарга баш ийүүнүн харамдыгы, жихад, рибат, фатх, жизя жана башка ушул сыяктуу Халифалыкка тиешелүү ахкамдар абдан көп айтылган. Алардын баарын санап бүтүү мүмкүн эмес. Бирок, мына ушул Халифалык мамлекети мусулмандардын китептеринде жана зээндеринде сакталып калган болсо дагы, алардын турмушунда жок болууда. Мындан улам, биз мусулмандарга Халифалык мамлекети тууралуу айтылган айрым хадистерди эстетип өтүүнү туура көрдүк. Мусулман адам бул маанидеги хадистерди жана аяттарды окуган кезде, кайдыгерлик менен өтүп кетпестен, алардын маанилери жана турмуштагы орду тууралуу фикир кылуусу зарыл.

Ибн Аббас ﵄дан риваят кылынган хадисте ал мындай деген: «Набий ﷺ мындай деп дуа кылар эле:

«رَبِّ أَعِنِّي وَلاَ تُعِنْ عَلَيَّ، وَانْصُرْنِي وَلَا تَنْصُرْ عَلَيَّ، وَامْكُرْ لِي وَلَا تَمْكُرْ عَلَيَّ، وَاهْدِنِي وَيَسِّرْ هُدَايَ إِلَيَّ، وَانْصُرْنِي عَلَى مَنْ بَغَى عَلَيَّ»

**«Роббим, мага жардам бер жана мага каршы** (болгондорго) **жардам бере көрбө. Мага жеңиш бер жана менин үстүмдөн жеңиш бере көрбө. Мага айла-амал бер жана мага каршы айла-амал бере көрбө. Мени туура жолго башта жана ал жолду мага жеңил кылып бер. Мага каршы чыккандар үстүнөн нусрат бер»** (Имам ат-Тирмизий риваяты).

Расулуллах ﷺ айткан:

«أَيُّهَا النَّاسُ، لَا تَتَمَنَّوْا لِقَاءَ الْعَدُوِّ، وَسَلُوا اللَّهَ الْعَافِيَةَ، فَإِذَا لَقِيتُمُوهُمْ فَاصْبِرُوا، وَاعْلَمُوا أَنَّ الْجَنَّةَ تَحْتَ ظِلَالِ السُّيُوفِ»

**«Оо адамдар, душманга жолугууну арзуу кылбагыла жана Аллахтан амандык тилегиле. А эгер душманга жолугуп калсаңар, сабыр кылгыла жана Бейиш кылычтардын көлөкөсү астында болорун эсиңерден чыгарбагыла»** (Имам ал-Бухарий риваяты).

Дагы бир хадисте Расулуллах ﷺ мындай деп дуа кылган:

«اللَّهُمَّ مُنْزِلَ الْكِتَابِ، وَمُجْرِيَ السَّحَابِ، وَهَازِمَ الْأَحْزَابِ، اهْزِمْهُمْ وَانْصُرْنَا عَلَيْهِمْ»

**«Китепти түшүргөн, булуттарды жүргүзгөн жана түрдүү топторду бүлдүргөн Аллахым, аларды Өзүң кыйрата көр жана бизге алардын үстүнөн нусрат-жеңиш бер»** (Имам ал-Бухарий риваяты). Расулуллах ﷺ мына ушундай дуаларды кылар эле, бүгүнкү мусулмандар дагы ушундай дуаларды кылууга тийиш. Бул дуаларда Аллах Тааладан нусрат суроо, кыйынчылыктарга сабыр кылуу жана акыйкат жолдо бекем туруу сыяктуу Халифалык байрагы астында алып барылуучу жихадка тиешелүү болгон сөздөр айтылган.

Ибн Аббас رضي الله عنه дан риваят кылынган хадисте ал мындай деген: «Умар ибн ал-Хаттаб رضي الله عنه Ибн Аббаска аябай жакын эле. Күндөрдүн биринде Абдурахман ибн Ауф Умарга: «Биздин дагы ага ошогон балдарыбыз бар го (эмнеге аларды анчалык жакын көрбөйсүң)?», - деди. Ошондо Умар: «Сен аны жакшы билесиң го», - деди да, Ибн Аббастан ***«(Эй Мухаммад), качан Алланын жардамы жана жеңиш келсе»***, деген аят тууралуу сурады. Ибн Аббас: «Бул аят Расулуллах ﷺга ажалы жакындаганын билдирген», - деп жооп берди. Ошондо Умар: «Мен дагы сен билгенден башкасын билбеймин», - деди» (Имам ал-Бухарий риваяты). Бул риваятта Расулуллах ﷺдын ажалы жакын калганы диндин толук болгондугун, бул динге нусрат жана жеңиш берилгендигин, ошондой эле, бул дин мындан ары жалпы адамзатка тараларын түшүндүргөн эле. Жогорудагы «ан-Наср» сүрөсү ушул нерсени айгинелеп, Расулуллах ﷺдын жашоосун нусратка байлаган.

Хаббаб ибн ал-Аруттан риваят кылынган хадисте ал Расулуллах ﷺга (кыйынчылыктардын көптүгүнөн) арызданып барган эле. Ошондо Расулуллах ﷺ айтты:

**«وَاللَّهِ لَيُتِمَّنَّ اللَّهُ هَذَا الْأَمْرَ حَتَّى يَسِيرَ الرَّاكِبُ مَا بَيْنَ صَنْعَاءَ وإلى حَضْرَمَوْتَ، مَا يَخَافُ إِلَّا اللَّهَ تَعَالَى وَالذِّئْبَ عَلَى غَنَمِهِ، وَلَكِنَّكُمْ تَسْتَعْجِلُونَ»**

**«Аллахка касам, Аллах бул ишти аягына чыгарат. Ошондо, Санъадан Хазрамаутка чыккан атчан** (өз жаны үчүн) **Аллахтан жана койлору үчүн карышкырдан башка эч нерседен кооптондой жете турган күн келет. А бирок силер шашып жатасыңар»** (Имам ал-Бухарий риваяты). Бул хадисте Аллахтын дини акыйкат жана жеңүүчү экендиги, Аллах Таала бул динди Ислам мамлекетинин орнотулушу жана нусрат менен толук кылары, бүтүндөй жер жүзүнө Ислам жайылары, ошондой эле, жер бетинде коопсуздук жана бейпилдик орноп, эч бир адам

башка адамдардан кооптонбой жашап калары тууралуу айтылган. Бул хадис мусулмандарды сабырдуу болууга, кыйынчылыктарга чыдамкайлык кылууга жана нусратты күтүүдө шашпоого чакырат. Акыйкатта, Ислам мамлекетинин тикелениши менен нусрат келет жана кооз акыбет таквадарлар үчүн гана.

Абдуллах ибн Амр ﵁дан риваят кылынган хадисте ал мындай деди: «Биз Расулуллах ﷺдын жанында жазып отурган элек. Бир кезде Расулуллах ﷺдан «Кайсы шаар биринчи болуп фатх кылынат, Константинополбу же Римби?» - деп суралды. Ошондо Расулуллах ﷺ:

«مَدِينَةُ هِرَقْلَ تُفْتَحُ أَوَّلًا»

**«Гераклдын шаары биринчи фатх кылынат»**, - деп, Константинополду назарда тутуп айтты» (Имам Ахмаддын риваяты).

Бул хадисте мусулмандар үчүн Исламий мамлекет болору жана ал фатхтарга жетишери тууралуу башарат айтылган. Константинополь менен Рим христиандардын борборлору болуп турган. Рим азыркыга чейин христианчылыктын борбору бойдон калууда. Ошондуктан, бул хадис Ислам мамлекетинин бийлиги жана үстөмдүгү мусулмандар жашаган өлкөлөргө эле эмес, балким бүтүн дүйнөгө орношу тууралуу сүйүнчү кабар.

Абу Хурайра ﷺдан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ минтип айткан:

«وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ، لَيُوشِكَنَّ أَنْ يَنْزِلَ فِيكُمُ ابْنُ مَرْيَمَ حَكَمًا عَدْلًا، فَيَكْسِرَ الصَّلِيبَ، وَيَقْتُلَ الْخِنْزِيرَ، وَيَضَعَ الْجِزْيَةَ، وَيَفِيضَ الْمَالُ حَتَّى لَا يَقْبَلَهُ أَحَدٌ، حَتَّى تَكُونَ السَّجْدَةُ الْوَاحِدَةُ خَيْرًا مِنَ الدُّنْيَا وَمَا فِيهَا»

**«Менин жаным Анын колунда болгон Затка касам, тез күндө силерге Мариямдын уулу** (Иса ﵇) **адилеттүү жетекчи болуп түшүп келет. Ал крестти сындырып,**

**чочколорду өлтүрөт жана жизяны жокко чыгарат. Ал кезде акча-байлык ушунчалык толуп-ташып, аны ала турган адам калбай калат. Ал күндө бир эле сажда кылуу дүйнө жана андагы бардык нерселерден артык болуп калат»** (Имам Муслим риваяты). Абу Хурайра ﵁дан риваят кылынган дагы башка хадисте Расулуллах ﷺ мындай деген:

«كَيْفَ أَنْتُمْ إِذَا نَزَلَ ابْنُ مَرْيَمَ فِيكُمْ وَإِمَامُكُمْ مِنْكُمْ»

**«Силерге Мариямдын уулу түшүп келсе, имамыңар өзүңөрдөн болсо, силердин абалыңар кандай гана** (жакшы) **болот»** (Имам Муслим риваяты). Бул хадисте Ислам Умматына үстөмдүк жана бекемдик берилери тууралуу айтылган. Анткени, Иса ﵇ Исламды бекемдөө жана анын акыйкат экендигин тастыктоо үчүн түшүп, жизяны жокко чыгарат (т.а. жизя төлөй турган адам калбай, баары мусулман болушат). Ошондой эле, мусулмандардын имамы-жетекчиси дагы өздөрүнөн болору тууратуу айтылууда. Хафиз ибн Хажар ал-Аскаланий өзүнүн «Фатх ул-Барий» китебинде мындай деген: «**Имамыңар өзүңөрдөн болсо**», дегендин мааниси Иса ﵇ элдерди Инжил менен эмес, Куран менен башкарат дегени».

Адий ибн Хатим ﵁дан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ мындай деди:

«فَإِنِّي لَا أَخَافُ عَلَيْكُمُ الْفَاقَةَ؛ فَإِنَّ اللَّهَ نَاصِرُكُمْ وَمُعْطِيكُمْ حَتَّى تَسِيرَ الظَّعِينَةُ فِيمَا بَيْنَ يَثْرِبَ وَالْحِيرَةِ، أَوْ أَكْثَرَ، مَا يُخَافُ عَلَى مَطِيَّتِهَا السرَقُ»

**«Мен силерге жакырчылык жетет деп коркпоймун, акыйкатта Аллах силерди жеңүүчү кылат жана силерге** (бардык неъматтарын) **берет. Ал күндө Ясрибден ал-Хийрага же андан да алысыраакка чыккан мусаафир аял өз байлыктарынын уурдалышынан коркпой калат»** (Имам ат-Тирмизий риваяты). Бул хадисте нусрат-жеңиш жана неъматтар бир гана Аллах Таала тарабынан

болору, ошондой эле, Ислам мамлекетинин күчтөөнүүсү себептүү бардык жерде бейпилдик орношу тууралуу айтылууда. Ал күндө сапарга чыккан аялдар дагы өз жолунда эч кимден коркпой,тынч жана коопсуз абалында көздөгөн жерине жетип калат.

Абу Хурайра ﵁дан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ айтты:

**«لاَ تَقُومُ السَّاعَةُ حَتَّى يُقَاتِلَ الْمُسْلِمُونَ الْيَهُودَ، فَيَقْتُلُهُمُ الْمُسْلِمُونَ حَتَّى يَخْتَبِئَ الْيَهُودِيُّ مِنْ وَرَاءِ الْحَجَرِ وَالشَّجَرِ، فَيَقُولُ الْحَجَرُ أَوِ الشَّجَرُ: يَا مُسْلِمُ يَا عَبْدَ اللَّهِ هَذَا يَهُودِيٌّ خَلْفِي، فَتَعَالَ فَاقْتُلْهُ، إِلاَّ الْغَرْقَدَ فَإِنَّهُ مِنْ شَجَرِ الْيَهُودِ»**

**«Мусулмандар менен яхудийлер согушмайынча жана мусулмандар аларды өлтүрмөйүнчө кыямат сааты болбойт.** (Ал күндө) **яхудийлер бак-дарактардын жана таштардын артына жашынышат. Ошол кезде дарактар жана таштар: «Эй мусулман, эй Аллахтын кулу, мына менин артымда яхудий турат, келип аны өлтүргүн», деп айтышат. Бир гана «гаркад» дарагы антип айтпайт, анткени ал яхудийлер дарагы»** (Имам ал-Бухарий риваяты). Бул хадисте мусулмандар менен яхудийлер ортосунда Улуу согуш болору, Аллах Таала мусулмандарга дарактар жана таштар менен б.а. бүткүл табият менен колдоо көрсөтөрү, ошондой эле, Ислам Умматынын өз мамлекети тикеленип, Аллахтын жардамы менен яхудийлер мамлекети кулатылары тууралуу айтылууда.

Абу Дарда ﵁дан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ мындай деди:

**«بَيْنَا أَنَا نَائِمٌ، إِذْ رَأَيْتُ عَمُودَ الْكِتَابِ احْتُمِلَ مِنْ تَحْتِ رَأْسِي، فَظَنَنْتُ أَنَّهُ مَذْهُوبٌ بِهِ، فَأَتْبَعْتُهُ بَصَرِي، فَعُمِدَ بِهِ إِلَى الشَّامِ، أَلَا وَإِنَّ الْإِيمَانَ حِينَ تَقَعُ الْفِتَنُ بِالشَّامِ»**

**«Мен уктап жаткан элем, ошондо Китептин өзөгү** (дин жана ыйман) **башымдын** (жастыгымдын) **астынан алынды. Анын бир жакка алынып кетип жатканын көрүп,**

**артынан карап турсам, Шам тарапка кетти. Эсиңерде болсун, Шамда фитналар күчөгөн кезде чыныгы ыйман сыналат»** (Имам Ахмад сахих санад менен риваят кылган). Бул хадисте Исламдын улуулугу жана Ислам мамлекетинин тикелениши тууралуу айтылган. Ошондой эле, Шам жергесинин фазилети, элинин салихтиги жана Ислам өкүмдарлыгынын ал жерге көчүшү тууралуу баяндалган.

Умму Харам бинди Милхан ﵂дан риваят кылынган хадисте мындай деп айтылат:

**«Расулуллах ﷺ меникинде уктап жаткан эле, кийин ойгонду да** (сүйүнүп) **күлө баштады. Мен андан: «Оо Расулуллах, сени эмне күлдүрдү?» - деп сурасам, ал: «Мага менин Умматымдан болгон адамдардын Аллахтын жолунда согушка аттанганы көрсөтүлдү. Алар мына ушул деңиздин үстүндө тактыда отурган падышалардай бара жатышкан эле»,- деди. Анан мен: «Оо Расулуллах, Аллахка дуа кыл, мени дагы ошолордун катарында кылсын», - дедим. Расулуллах ﷺ ошентип дуа кылды да, кайра башын коюп уйкуга кетти. Бир кезде кайра ойгонуп,** (сүйүнүчтөн) **күлө баштады. Мен андан: «Сени эмне күлдүрдү, оо Расулуллах?» - деп сурасам, ал: «Мага менин Умматымдан болгон адамдардын Аллахтын жолунда согушка аттанганы көрсөтүлдү», - деп, биринчи жолку айтканын кайталады. Анан мен: «Оо Расулуллах, Аллахка дуа кыл, мени дагы ошолордун катарында кылсын», - дедим. Ошондо ал: «Сен биринчилерден болосуң», деп айтты»** (Муттафакун алайхи)[1]. Бул хадисте Уматтын жихадды улантышы, деңиздеги кемелерде жортуулдарга аттанышы тууралуу айтылган. Умму Салим (Умму Харам) айткан сөз ишке ашып, ал эң алгачкы Ислам кемелери менен Рим жортуулуна катышкан. Бул

[1] Эскерте кетүүчү нерсе: Умму Харам бинти Милхан Расулуллах ﷺдын махрамы – эмчектеш таежелеринен болгон (котормочудан).

болсо Расулуллах ﷺдын пайгамбарлыгын жана чынчылдыгын дагы бир ирет далилдеген. Бул иштердин бардыгы Ислам мамлекети тарабынан ишке ашырылат. Ислам мамлекети деңизде жихад алып баруу үчүн согуштук кемелерди курат жана анда согушуучу аскерлерди жетиштирип чыгарат.

Абу Хурайра رضي الله عنهдан риваят кылынган хадисте Расулуллах ﷺ мындай деген:

«إِذَا هَلَكَ كِسْرَى فَلَا كِسْرَى بَعْدَهُ، وَإِذَا هَلَكَ قَيْصَرُ فَلَا قَيْصَرَ بَعْدَهُ، وَالَّذِي نَفْسِي بِيَدِهِ لَتُنْفَقَنَّ كُنُوزُهُمَا فِي سَبِيلِ اللَّهِ»

**«Эгер Кисра кыйрап жок болсо, андан кийин башка Кисра болбойт жана эгер Кайсар кыйрап жок болсо, андан кийин башка Кайсар болбойт. Менин жаным Анын колунда болгон Затка касам, алардын казыналары Аллахтын жолуна сарпталат»** (Муттафакун алайхи). Бул хадисте Исламдын Перс жана Рим империялары үстүнөн жеңишке жетиши тууралуу башарат айтылган. Бул болсо бүтүн Ислам мамлекетисиз ишке ашпайт эле.

Абдуллах ибн Умар رضي الله عنهдын мындай дегени риваят кылынган: «Расулуллах ﷺ бизге кайрылып мындай деди:

«يَا مَعْشَرَ الْمُهَاجِرِينَ، خَمْسٌ إِذَا ابْتُلِيتُمْ بِهِنَّ وَأَعُوذُ بِاللَّهِ أَنْ تُدْرِكُوهُنَّ: لَمْ تَظْهَرْ الْفَاحِشَةُ فِي قَوْمٍ قَطُّ حَتَّى يُعْلِنُوا بِهَا إِلَّا فَشَا فِيهِمْ الطَّاعُونُ وَالْأَوْجَاعُ الَّتِي لَمْ تَكُنْ مَضَتْ فِي أَسْلَافِهِمْ الَّذِينَ مَضَوْا، وَلَمْ يَنْقُصُوا الْمِكْيَالَ وَالْمِيزَانَ إِلَّا أُخِذُوا بِالسِّنِينَ وَشِدَّةِ الْمَئُونَةِ وَجَوْرِ السُّلْطَانِ عَلَيْهِمْ، وَلَمْ يَمْنَعُوا زَكَاةَ أَمْوَالِهِمْ إِلَّا مُنِعُوا الْقَطْرَ مِنْ السَّمَاءِ وَلَوْلَا الْبَهَائِمُ لَمْ يُمْطَرُوا، وَلَمْ يَنْقُضُوا عَهْدَ اللَّهِ وَعَهْدَ رَسُولِهِ إِلَّا سَلَّطَ اللَّهُ عَلَيْهِمْ عَدُوًّا مِنْ غَيْرِهِمْ فَأَخَذُوا بَعْضَ مَا فِي أَيْدِيهِمْ، وَمَا لَمْ تَحْكُمْ أَئِمَّتُهُمْ بِكِتَابِ اللَّهِ وَيَتَخَيَّرُوا مِمَّا أَنْزَلَ اللَّهُ إِلَّا جَعَلَ اللَّهُ بَأْسَهُمْ بَيْنَهُمْ»

**«Эй мухажирлер, беш түрдүү** (балээ бар). **Аллахтан силердин башыңарга ал балээлер түшүшүнөн коргоо сураймын. А эгер алар башыңарга түшсө** (демек билгиле): **Эгер кайсы бир коомдо бузукулук** (зына) **жайылып, ашкере болуп калса, ал коомдо ага чейин бөлүп көрбөгөн**

**жугуштуу оорулар жана ачарчылык жайылат. Кайсы коом таразадан кемитип калса** (уурдаса), **аларга кургакчылык, кымбатчылык жана падышалардын зулуму келет. Кайсы коом мал-байлыктарынан зекет чыгарбаса, аларга асмандан жаан жаабай калат. Аларда жан-жаныбарлар болбогондо, эч качан жамгыр жаабай коёр эле. Кайсы бир коом Аллах жана Анын Расулуна берген убадасын бузса, Аллах аларга бөтөн элден болгон душмандарын үстөм кылып коёт жана колдорунда болгон мал-байлыктарын душмандары талап кетет. Кайсы коомдун жетекчилери Аллахтын китеби менен өкүм жүргүзбөсө жана Аллах түшүргөн динден** (өздөрүнө жаккан жерлерин гана) **тандап алышса, Аллах аларды өз ара** (согуштар менен) **кордойт»** (Ибн Маажа жана Хакимдер сахих санад менен риваят кылышкан). Бул хадис мусулмандардын жетекчилери Аллах түшүргөн дин менен өкүм кылуусу важиб экендигин ачык түрдө айтууда. Ошондой эле, бул хадисте Аллахтын шарияты менен өкүм кылбаган коом өз ара көйгөйлөр менен кордукка батары тууралуу айтылган. ❑

**(ЫРААЗЫЧЫЛЫК)**

**Ал-Ваъй** журналы хижрий 1444-жылдагы (миладий 2023-жылдагы) өзгөчө санын чыгарып жатып, биздин даъватыбызга байланыштуу болгон жандуу макалаларды жазууда биздин талабыбызга жооп берген жигиттерге өзгөчө терең ыраазычылык билдирет. Акыйкатта, көптөгөн жигиттерибиздин жазган макалалары өтө жогорку деңгээлде жана алдыңкы сапатта болду. Албетте бул биздин Уммат алдында ар качан акыйкатты айтуучу журнал болушубуз үчүн Аллахтын бизге берген фазилети жана колдоосу. Ал-Ваъй журналы бизден эч кандай сыйлык же ыраазычылык күтпөстөн, ар дайым ак кызматын көрсөтүп келген Хизб ут-Тахрирдин Борбордук басма сөз кызматына ыраазычылык билдирет. Ошондой эле, журналыбыздын акыйкат үстүндө туруктуу болуусуна жана ар дайым алдыңкы сапта туруусуна өз көрсөтмөлөрү аркылуу багыт берип келген улуу амирибизге дагы ыраазылык билдиребиз. Ал-Ваъй журналы, баарынан да, даъват жүгүн көтөрүүчү жигиттерибиз үчүн бизди балуу маалыматтык булак кылып койгон Аллах Субханаху ва Таалага чексиз шүгүрлөрдү айтат.

Ал-Ваъй журналы өз талабына жооп берген, бирок алардын макалалары бул өзгөчө санда жарыя кылынбай калган жазуучу жигиттерден чын дилден кечирим сурайт. Чындыгында, макалалар абдан көп болгондуктан, алардын бардыгын бул өзгөчө санга батыруу мүмкүн болбоду. Бирок, келерки сандарда ал макалалар сөзсүз түрдө жарыя кылынат, ин шаа Аллах. Аллах Тааладан бул ишке салым кошкондордун бардыгына тактыктуу ажр-сыйлыктарды берүүсүн сурайбыз. Ошону менен бирге, дүйнөдөгү окуялар кызуу күч алып, жалпы Уммат алардын акыйкатын билүүгө заарыгып турган кезде өз жигиттерибизди жылдын бардык айларында акыйкатты таамай көрсөтүүчү макалаларды жазууга чакырабыз.

Сөзүбүздүн соңунда ааламдардын Роббиси Аллах Таалага алкыш-мактоолорду айтып калабыз. ❑

## КАРЫЛЫК ИСЛАМ МЕНЕН БАТЫШ ОРТОСУНДА

Батыш хазараты адамзаттын баалуулугун жана кадыр-баркын жокко чыгарып, аларды жумушчу машиналарга айлантып жиберди. Эгер машина эскирип, көп бузула баштаса, андан кутулуу зарыл болот. Анткени, пайда алып келбеген эски машина ашыкча чыгым болот. Дал ушул сыяктуу, Батыш хазараты карылык жашына жеткен адамдардан кутулуу үчүн шайтандын күүсүн чалган жаңы ыкманы ойлоп тапты. Ал – «ырайымдуу өлтүрүү». «Ырайымдуу өлтүрүү» көбүнчө өнөкөт оорулуу жана жашы улуу адамдарга карата колдонулат. Батыштыктар бул кылмышты актоо үчүн «ар бир адам өз жашоосун тандоодо эркин» жана «адам өз денесин өзү каалагандай пайдаланууга укуктуу» деген шылтоолорду, ошондой эле, экономикалык факторлорду шылтоо кылышат. Алардын айтымында, айрым оорулууларды жана жашы улууларды камсыздоо коом жана мамлекеттен көптөгөн маддий чыгымдарды талап кылат, ошондуктан коомдуу зыяндуу нерселерден тазалоо керек... Батыш хазаратынын инсанга болгон көз карашы мына ушундай. Ал үчүн инсан жөн гана бир машина, эгер ал бузулуп калып, коомдун аны оңдоого чамасы жетпей калса, андан кутулуу зарыл. Европа өлкөлөрүндө ырайымдуу өлтүрүү ыкмасынын колдоочулары жана жактоочулары арбын. Бул тенденция Америкада жана башка Батыш өлкөлөрү кеңири жайылып, айрым өлкөлөрдө мындай өлтүрүүгө уруксат берүүчү мыйзамдар дагы жазылууда. Мисалы, Голландия, Белгия, Португалия жана Канада өлкөлөрүндө ырайымдуу өлтүрүү ишине кол урган даарыгерлер жана башка адамдар кылмыш жазасына тартылбайт. Жада калса, кээбир өлкөлөрдө даарыгерлер тарабынан өз жанын кыюуну жеңилдетүүчү аппараттар ойлоп табылып, алар теле-берүүлөр аркылуу жарнамаланууда, ошондой эле, бул тенденцияны колдоочу жана ага чакыруучу китептер жазылууда.

Бул маселеге карата Исламдын көз карашы кандай?

Ислам дүйнө таанымында өмүр дагы, өлүм дагы Жаратуучунун колунда. Аллах Таала айткан:

﴿ٱلَّذِي خَلَقَ ٱلۡمَوۡتَ□ٱلۡحَيَوٰةَ لِيَبۡلُوَكُمۡ أَيُّكُمۡ أَحۡسَنُ عَمَلٗاۚ﴾

*«(Эй инсандар, Ал)* ***силердин кайсы бириңер көркөмүрөөк-жакшыраак иштер кылуучу экениңерди сыноо үчүн өлүм жана тирүүлүктү жараткан Зат».*** [67:2]

Ошондуктан, мусулман адам өз жанын сакташы зарыл жана ага өз жанын кыюу харам. Аллах Таала айтат:

﴿وَلَا تَقۡتُلُوٓاْ أَنفُسَكُمۡۚ إِنَّ ٱللَّهَ كَانَ بِكُمۡ رَحِيمٗا ۝ وَمَن يَفۡعَلۡ ذَٰلِكَ عُدۡوَٰنٗا وَظُلۡمٗا فَسَوۡفَ نُصۡلِيهِ نَارٗاۚ وَكَانَ ذَٰلِكَ عَلَى ٱللَّهِ يَسِيرًا﴾

***«Жана да бири-бириңерди өлтүрбөгүлө. Албетте Алла силерге Мээримдүү Зат. Ким чектен ашып карасанатайлык менен ушундай иштерди кылса, Биз аны тозокко киргизебиз. Бул Алла үчүн оңой иш»*** [4:29 – 30]

Аллах Таала кимдир бирөөнү өлтүрүү укугун эч кимге берген эмес, даарыгерге да, жакын туугандарга да. Тескерисинче, Аллах Субханаху ва Таала ата-эне каарып калган кезде аларга кызмат кылууну буйруп, мындай деген:

﴿وَقَضَىٰ رَبُّكَ أَلَّا تَعْبُدُوٓاْ إِلَّآ إِيَّاهُ وَبِٱلْوَٰلِدَيْنِ إِحْسَٰنًاۚ إِمَّا يَبْلُغَنَّ عِندَكَ ٱلْكِبَرَ أَحَدُهُمَآ أَوْ كِلَاهُمَا فَلَا تَقُل لَّهُمَآ أُفٍّ وَلَا تَنْهَرْهُمَا وَقُل لَّهُمَا قَوْلًا كَرِيمًا ۝ وَٱخْفِضْ لَهُمَا جَنَاحَ ٱلذُّلِّ مِنَ ٱلرَّحْمَةِ وَقُل رَّبِّ ٱرْحَمْهُمَا كَمَا رَبَّيَانِى صَغِيرًا﴾

***«Раббиң, жалгыз Анын Өзүнө ибадат кылууңарды, ошондой эле, ата-энеге жакшылык кылууңарды буйурду. Эгер алардын** (ата-эненин) **бирөөсү, же болбосо, экөө тең сенин кол астыңда карылык жашына жетишсе, аларга карап «уф» дебе жана алардын** (сөздөрүн) **кайтарба! Аларга** (ар дайым) **жакшы сөз айт! Алар үчүн, мээримдүүлүк менен, кичипейилдик канатын пас кыл – кичи пейил бол жана: «Раббим, мени** (алар) **наристе чагымдан тарбиялап-өстүрүшкөндөй Сен да аларга ырайым кыл** (мээримиңе бөлө)**» деп** (акыларьша дуба кыл)**»*** [17:23 – 24]

Бул аяттагы ***«аларга карап «уф» дебе»***, дегендин мааниси ата-энеге үшкүрүнүүдөн кайтарууну түшүндүрөт. Кээбир салаф ус-солихиндер айтышар эле: «Эгерде ата-энеге «уф» деп айтуудан дагы төмөнүрөөк иш болгондо, Аллах аны дагы харам кылмак». Курани Карим ата-эненин карылыгынан кийинки доорду «арзал ул-умри (эң төмөн өмүр)» деп атаган. Аллах Таала айтат:

﴿وَمِنكُم مَّن يُتَوَفَّىٰ وَمِنكُم مَّن يُرَدُّ إِلَىٰٓ أَرْذَلِ ٱلْعُمُرِ لِكَيْلَا يَعْلَمَ مِنۢ بَعْدِ عِلْمٍ شَيْـًٔاۚ﴾

***«Силерден** (наристелик, жаштык жылдарында эле) **көз жума турган кишилер да болот, дагы силерден** (көп нерсе – билимдерди үйрөнүп) **билгенинен кийин эч нерсени билбей калышы үчүн эң төмөн өмүргө** (карып-мөгдөп калууга) **кайтарыла турган кишилер да болот»*** [22:5 – 6]

Ибн Аббас ﵁ айтат: «Арзал ул-умри дегени өмүрдүн эң жаман бөлүгү. Ал кезде адам жан наристедей болуп, бардык нерселерде өзүнөн башкага муктаж болуп калат». Ал жашка жеткенде эс тутуму жакшы адам унутчаак болуп, күчтүү адам алсыз болот жана башкаларга көз каранды болуп калат. Ислам кары-картаңдарды сыйлап-урматтоого, кадырлоого буйруган. Расулуллах ﷺ айткан:

«مَا أَكْرَمَ شَابٌّ شَيْخًا لِسِنِّهِ إِلاَّ قَيَّضَ اللهُ لَهُ مَنْ يُكْرِمُهُ عِنْدَ سِنِّهِ»

**«Кимде-ким жаш боло туруп, жашы улуу карыларды сыйласа, ал өзү карыган кезде Аллах аны сыйлоочу адамды берип коёт»** (Имам ат-Тирмизий риваяты).

Расулуллах ﷺ дагы бир хадисинде мындай деген:

«لَيْسَ مِنَّا مَنْ لَمْ يَرْحَمْ صَغِيرَنَا، وَيَعْرِفْ شَرَفَ كَبِيرِنَا»

**«Кичүүгө ызат жана улууга урмат кылбаган адам бизден эмес»** (Имам ат-Тирмизий жана имам Ахмад риваяты).

Ал-Барраздан риваят кылынган хадисте ал мындай деген: «Бир киши энесин көтөрүп алып Каабаны таваф кылып жаткан эле. Кийин Расулуллах ﷺды көрүп калып, андан «Оо Расулуллах, мен энемдин акысын актадымбы?» - деп сурады. Ошондо Расулуллах ﷺ: **«Жок, бир көз ирмемчелик дагы** (актаган жоксуң)», - деп айтты. ❑

## [illegible] ДАЖЖАЛ... АЛ ОРУСИЯНЫ УКРАИНАДАГЫ АСКЕРДИК КЫЛМЫШТАРЫ ҮЧҮН КАРАЛАП, АНЫН СИРИЯДАГЫ КЫЛМЫШТАРЫ ТУУРАЛУУ ҮН КАТПАЙТ

2023-жылдын 19-февралында АКШнын вице-президенти Камала Харрис Америка Кошмо Штаттары Орусиянын Украинада адамзатка каршы кылмыштарды жасаганын «расмий түрдө тастыктаганын» билдирди.

2023-жылдын 16-мартында Украина боюнча көз карандысыз эл аралык иликтөө комиссиясынын баяндамасында Орусия Украинада «адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамдарды жана эл аралык гуманитардык укукттарды көп жолу бузган» деп айтылды. Баяндамада айтылышынча, Орусия жасаган «аскердик кылмыштар» жарандарга жана энергетикалык инфраструктураларга кол салуу, атайылап өлтүрүү, мыйзамсыз каамоо, кыйноо, зордуктоо жана сексуалдык зомбулуктун башка түрлөрү, ошондой эле, балдарды мыйзамсыз көчүрүү жана депортациялоо сыяктуу иштерден турат. Ошол эле учурда, адаттагыдай, өздөрүнүн баяндамасы адилеттүү болуп көрүнүүсү үчүн, аталган комиссия Украина куралдуу күчтөрү тарабынан дагы майда-чүйдө кылмыштар жасалганы тууралуу билдирди.

2023-жылдын 17-мартында Эл аралык кылмыш соту Орусия президенти Владимир Путинди Украинада жасаган «аскердик кылмыштары» үчүн каммакка алууга ордер чыгарды. Нотада мындай деп айтылган: «Ал (Владимир Путин) Украинанын басып алынган аймактарындагы тургундарды (жаш балдарды) Орусия федерациясына мыйзамсыз депортациялоо жана мыйзамсыз көчүрүү сыяктуу аскердик кылмыштар үчүн жооптуу деп эсептелет». Ошондой эле, аталган нотада «Путин мырза жогоруда айтылган кылмыштар үчүн жеке түрдө жооптуу деп айтууга жүйөлүү негиздер бар», деп кошумчаланган.

Эл аралык кылмыш сотунун мындай чечимине жооп кылып, жума күнү Орусиянын Тышкы иштер министрлиги бул кадамды «анча маанилүү эмес» жана «юридикалык жактан жараксыз» деп мүнөздөдү. Министрликтин басма сөз катчысы Мария Захарова «Telegramm» тиркемеси аркылуу «Эл аралык кылмыш сотунун чечимдери биздин өлкө үчүн эч кандай мааниге ээ эмес. Орусия Эл аралык кылмыш сотунун Рим статусунун катышуучусу эмес жана ал боюнча эч кандай милдеттенмеси жок», - деп билдирди. Ал өз билдирүүсүн «Москва аталган сот менен «кызматташпайт», деп түшүндүрдү.

Ал эми украин тараптан президенттик аппараттын жетекчиси Андрей Ермак аталган ордердин чыгышын «бул башталыш гана» деп атады.

**Ал-Ваъй:** Бири-бирине байланыштуу болгон бул кабарларды мусулмандар билиши үчүн гана келтиргенибиз жок. Буларды келтирүүдөн максат – Америка баш болгон Батыш өлкөлөрүнүн дүйнө элине карата эки жүздүүлүгүн ашкерелөө. Бүгүнкү күндө Орусияга тагылган айыптардын бардыгын буга чейин Сирияда дагы жасалбады беле? Эмне себептен Орусия ушул эле кылмыштарды Сирияда жасаган кезде Америка жана анын куурчагы болгон БУУ, ошондой эле, Европа жана анын куурчагы болгон Эл аралык кылмыш соту мындай реакция кылган эмес? Бул – Батыштын эки жүздүүлүгү. Бул – дүйнө жүзүн туңгуюкка кептеген Батыш хазаратынын кыйроосу. Дүйнө эли согуштарды, кыргындарды жана эл аралык күрөштөрдү келтирип чыгаруу менен гана убара болуп калган бул жапайы хазараттан кутулууга муктаж болуп турат. Аалам бүгүн жапайы жана бузуку болгон капитализм караңгылыгынан Ислам нуруна жана хидаятына алып чыгуучу туура мабдага зар болуп, какшап турат. Акыйкатта, бул кордуктардан кутулуунун жападан жалгыз жолу – Аллахтын дини болгон Ислам жана пайгамбарлык минхажындагы Рошид Халифалык!

﴿وَٱللَّهُ غَالِبٌ عَلَىٰٓ أَمۡرِهِۦ وَلَٰكِنَّ أَكۡثَرَ ٱلنَّاسِ لَا يَعۡلَمُونَ﴾

***«Алла Өз ишинде үстөмдүк кылуучу*** *(тактап айтканда, Аны Өзү каалаган ишти кылуудан эч ким кайтара албайт)* ***бирок адамдардын көпчүлүгү*** *(муну)* ***билишпейт»*** [12:21] ❑